63.3(2 Ки)
Ж-88



Асанкан Жуманалиев

# Атадан калган мурас

Асанкан Жуманалиев

# АТАДАН КАЛГАН МУРАС

*Жомоктор, макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар, эсеп оюндары, «Манастан» үзүндүлөр*

Тестиер балдар үчүн



НООКЕН РАЙОНДУК БОРДУК
КИТЕПКАНАСЫ
Инв. № 2474

618 15424 901

Ленинская ЦБС
КОЧКОР-АТА
ДЕТСКАЯ БИБЛИОТЕКА

«Бийиктик»
Бишкек–2007

ББК 94 (47)
ББК 63. 3 (2Ки 7-5)
Ж 88

*Сүрөтчүсү Жороев Нурланбек – көркөм-сүрөт искусствосунун кандидаты.*

Жуманалиев Асанкан.
Ж 88 **Атадан калган мурас.** Жомоктор, макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар, эсеп оюндары, «Манастан» үзүндүлөр. /Тестиер балдар үчүн. – Б.: «Бийиктик», 2007, – 84 б.

ISBN 978-9967-13-289-4

Автордун бул китеби тестиер балдарга арналып, мындагы жомоктор, макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар, эсеп оюндары алардын жаш өзгөчөлүгүнө ылайыкталып, жатык тил менен кызыктуу берилген.

Ал эми «Манастан» үзүндүлөр кыска-кыска тематикаларга бөлүштүрүлүп, сюжетине жараша иллюстрациялар сунуш кылынган.

Ж 4702300600-07
ISBN 978-9967-13-289-4

УДК 398
ББК 84 Ки 7
© Жуманалиев А., 2007.

# ЖОМОКТОР

## БАК, ДӨӨЛӨТ ЖАНА АМАНДЫК

Илгери, илгери өткөн заманда көптү көргөн, сакалы аппак, сары тиштүү карыя болгон экен. Ошол карыянын көзгө сүйкүмдүү, айтканды дароо аткара койгон небиреси болуптур. Булар туулган жеринде, булактын башында үйүн тигип, ошол жерде бейпил турмушта жашаптыр.

Күндөрдүн биринде карыя үйгө кирип, калыңдап төшөк салып, дем алайынчы деп кыйшайып жатат. Небиреси болсо сыртта үй менен булактын ортосунда ойноп олтурат. Бала бир убакта күндүн чыгыш жагын караса бир аттуу адам келе жатат. Бала атчан адамдын келишин карап күтүп олтурат. Жакындап келгенде караса жүзүнөн нур жанган, эки көзүнөн кубанычтын нуру төгүлгөн, көңүлүн шаттык курчаган жапжаш жигит экен. Келиши менен:

– Эй бала, үйдө ким бар? Ким болсо да чакырчы. Бак келди деп айт. Жолдун узагынан чарчап, күндүн ысыгынан улам суусап турам. Бала үйгө чуркап кирип, атасына айтат. Ошондо атасы, кыйшайган ордунан өйдө боло отуруп, ак сакалын тарамдап, бир азга ойлоно түшүп, анан мындай дейт:

– Жашым токсондун тогузуна келди, башым аман, боорум эсен, бала көрдүм, небире сүйдүм. Мен билгенден мындан артык бак барбы. Эгер башкача бак болсо ушул убакка чейин кайда жүргөн? Чырагым, айтып койчу, жолунан калбасын! – дейт.

Бул сөздү уккан Бак жолуна түшөт.

Бала кайрадан ойной баштайт. Бала бул убакта караса күндүн батыш жагынан дагы бир атчан адам көрүнөт. Бала

атчандын келишин карап, күтүп турат. Жакын келгенде караса сын-сыпаты келишкен бир жигит. Мингени элде жок күлүк ат, кийими да келишкен, минген атынын ооздугу алтындан, такасы күмүштөн экен. Ал дагы балага жакын келип:

– Эй бала, үйдө ким бар? Ким болсо да айт. Дөөлөт келип турат де. Чаалыгып да, суусап да келдим, – дейт.

Бала үйгө жүгүрүп кирип айтат. Чоң атасы:

– Жашым токсондун тогузунда, башым аман, боорум эсен, бала көрдүм, небире сүйдүм. Дөөлөт деген ушул эмеспи. Мен өзүм издеген учурда табылбаган эле, эми кереги жокто келиптир. Айтып кой жолунан калбасын, – дейт карыя.

Бул сөздү уккан Дөөлөт жолуна түшөт.

Арадан эт бышым мезгил өтөт. Ангыча тоо тараптан атчан адам көрүнөт. Жакындап келгенде караса күндө эле көрүп жүргөндөй карапайым адамдардын бири. Сылык түрдө балага:

– Айланайын чырагым, аман-эсен турасынарбы? Тирүүчүлүктө бар бол, балам! Үйдө улуу адамынар барбы? Чакырчы? Амандык келди деп айт, – дейт.

Бала үйгө жүгүрүп кирип кабарлайт. Ошондо карыя колунун салалары менен сакалын тарамдап, анан ордунан обдулуп, бир колу менен жер таянып, бир колу менен керегени кармап ордунан турат. Анан сыртка чыгып, келген жолоочуга кол куушуруп мындай дейт:

– Ээ, жолоочум, Амандык болсон төр сеники. Атындан түш, белинди бошотуп, төрүмө өт. Бак дагы, Дөөлөт дагы элдин тынччылыгында, баатырдын амандыгында, заманыбыздын жыргалчылыгында го. «Аман жүргөндүн аты чыгат» дегендей менин камкорчум болгун!


Ушинтип жакшы тилек айткан ак сакалдуу карыя Амандыкты колтуктап аттан түшүрүп, боз үйүнө киргизип, дасторкон жайдырып суусун бердирет.

Ангыча сырттан атчандардын дүбүртү угулат. Эки адам аттан түшкөндөй болот. Булар бая күндүз келип кетишкен Бак менен Дөөлөт экен. Жакын аралыктан айыл көрүнбөй

каржалып аябай суусаган экөө кайра кайрылып карыянын үйүнө келишкен экен.

«Амандык жүргөн жерде Бак, Дөөлөт айланчыктап алыс кете албайт» – деп элибиз бекер айтпаптыр.

Мына ошентип, карыянын небиреси өз көзү менен көргөн Бак, Дөөлөт жана Амандыкка кең пейилде болуп, аларды өзүнө жакын тутуптур.



# ЭНЕНИН АКЫЛЫ

Кайсы бир замандарда эн кооз жер болуптур. Айланасын ак кар баскан, бийик тоо менен курчалган, ар бир сайынан тынбай аккан көк кашка суулары бар, кандай эгин айдасан берекесин берип мол түшүм алган. Күркүрөп аккан суунун жээктери чылк токойго мол кооз жерлери, айрым жерде көлдөрү болуптур. Аны уккандардын кимиси болсо да бир көрүүгө кумарланчу экен. Ошол жерде кичүүсү улуусун сыйлаган, улуусу кичүүсүнө камкордук кылган кыргыз деген эл жашаптыр.

Ошол элдин ажайып табиятынан байлык берекесинен мурда айрыкча башка элди кызыктырган бир касиети бар болуптур. Көрсө, жигиттери шайдоот, ак көнүл, эр жүрөк, кыздарынын түр келбеттерине акылдары шай келген, аккуудай койкойгон келишимдүү, ал эми карылыкка баш койгон ата-энелери акыл-насааттары менен тан калтырчу тура.

Ошол жерде жашаган кыргыздар башка жерге, башка элге эч качан көз артпаптыр, анткени өзүнүн эл-жеринин келбети башка элдин жеринен артыкчылыгы болбосо, кемчилиги жок экен. Башка элдин бактысына, байлыгына көз артпаптыр, себеби өзүнүн элинин ынтымактуу бактысына байлыгына канааттанчу. Мына ошентип жылжыган күндөр, өткөн айлар, акырындаган жылдар өтүп жаткан тура.

Күндөрдүн бир күнүндө ушундай эл ынтымагын ыдыратыш үчүн, элдин жердин байлыгын тартып алуу үчүн канатташ жаткан коншу эл, бир кездеги алыш-бериш кыз алышып ынтымактуу болгондор, заматта кыргызды душмансынтып кол салышты. Мындайды күтпөгөн кыргыздар ойдо жок жерден кол салганына шашкандар колуна курал алып үлгүрбөй, карылары насаат айта албай, кыз-келиндери, не деген азамат жигиттери, көптү көргөн көсөм кары ата-энелери, бейкапар жүргөн башка адамдар душмандын колуна түшүп берди.

Өчөшкөн душмандын да максаты ошол болсо керек. Кыргыздын колго түшкөндөрүн баарын жаш-карысына кара-

бай атайын таштан жасалган бийик дубалдуу коргонго алып келип камайт. Туткунга түшкөндөр күндүзү төбөдөн күндү, түнкүсүн айды карагандан башка эч нерсени көрбөй жатышат. Таш коргондо жаткан акыл айлалуулар да таш коргондон кандай чыгуунун жолун таба албайт.

Арадан үч күн өтөт. Үчүнчү күнү таш коргондун бийик дубалынын жанына тургузулган мунарадан добулбас кагылып, душмандар тарабынан мунарага чыгып алиги туткундарга карата сөз сүйлөйт:

– Ээ, туткундар! Журтубуздун сыймыгы болгон, күчү ааламга жетүүчү ханыбыздын жарыясына көңүл бургула! Мээрими чексиз улуу ханыбыздын жардыгы боюнча кыргыз элинин туткунга түшкөн аялдарына азаттык берилет. Колунан жетелеген, алдына алып көтөргөн балдарын алы келген жүгүн эки ийнине көтөрүп чыгып кетсе болот. Ал эми эркекмин дегендер ханыбыздын каалоосу боюнча ушул коргондо өлүүгө тийиш!

Мындай шумдуктуу жардыкты уккан кыргыздар деңиздей толкуп, боздоп жиберишти.

Дагы да мунарадан алиги жарчынын үнү угулду. «Ээ, туткундар! Ханыбыздын буйругу эки болбойт! Бешененерге жазылган эки жол бар. Бири айтылганды аткаруу, эгер көнбөсөнөр, анда жалпы баарынарга өлүм!» Кайсынысын тандайсынар силердин эркинер, ошон үчүн силерге үч күн мөөнөт!

Мындай жарлык кылышына душмандын өз ойлору бар эле. Кыргыздарды түгөл кырып салганда эмне пайда. Андан көрө эркек аттууларын өлтүрсө, алардан калган кары-картан аялдардын колунан эч нерсе келбейт. Ал эми жаш-келин кыздар айласыздан душмандарга күң болот, чырайлуулары токол болот. Мындай ойду туткундар да толук түшүнүшөт. Чочулаган туткундардын колунан эмне келет. Катаал өкүмдөн кутулуунун жолун таппай дал болушат. Ары ойлошуп, бери ойлошуп, кыргыздардын акылман карыялары бир чечимге келишти. «Дүйнөдө өлүмдөн өткөн өкүнүч жок» – дейт карыялар. – Жабыла кырылып калгандан көрө, сүйүп алган жарыбыз, артыбызда из калтырар туягыбыз боштондук алышсын. Ордубузду жогот-

пой, үмүт тилегибизди орундап, душмандан кек алгандай болсун. Мындан башка жол тандап алуунун эч кандай кереги жок».

Бул чечимге келгенден кийин таш коргондун ичиндеги туткундар ботодой боздоп, коргонду башына көтөрүштү. Баласы атасын кучактап зарлап ыйласа, аялдар күйөөлөрүнөн тирүүлөй ажыраган тагдырына каргыш айтып, зар какшашты.

Ангыча ошол туткундардын арасындагы жүздөн аша жашаган, куудай аппак чачы бар эненин доошу шанк эте түштү. Бир нерседен чочугандай болгон коргондогу жалпы эл кандайдыр бир үмүт болгонсуп элен этише үн чыккан жакка жабыла караштЫ. «Оо, эл-журт, бир боорлорум, бирин баламсын, бирин кызымсын, бирин күйөөмсүн, бирин келинимсинер, ал эми калганынар небире-чөбөрөсүнөр, – деп баштады кары эне сөзүн. – Сабыр кылгыла, көздүн жашы менен



ажалдан кутулуп кала турган болсок, анда жер бетинде, көл жана агын дарыялардын бетин бербей эл каптап калмак. Ошон үчүн жашоо катаал, ажал башка түшкөн кезде адамга акыл менен кайрат гана жардам бере алат. Ажалга эч качан көздүн жашы тоскоолдук кыла албайт. Кан энсеген душманыбыз капысынан кол салып, эр жүрөк баатырларыбызды кан жошо кылып өлтүрүп, кайратыбызды мокотсо да, акылыбызды ала алган жок. Ошондуктан сабыр кылып, акылга салалык. Күзөтчү аркылуу душманыбыздын ханына кабар жибергиле, бизге коё турган шартын өз оозунан угуп, ошол шартты бузбай орундай турган антын берсе, анын айтканындай иш кылалы».

Аккуу чачтуу эненин эмне ойлогонун туткундар билбесе да, улууну сыйлоо каадасы менен баш ийип күзөтчүгө кабар беришти.

Көп өтпөй эле таш коргондун мунарасынан добулбастын үнү чыгып, душмандын ханы туткундарга көрүндү. Кыргыздардын аккуудай болгон кыз-келиндери эркиндиктен көрө өлүмдү тандайт болуш керек деген ой менен мурдагы айтылган жардыгын кайталап айта баштады. «Эй туткундар! – деди хан. Кыргыздардын аялзатына эркиндик беремин. Колунан жетелеген балдарын, эмчектеги бала-бакырасын жана көтөрө турган жүгүн алып чыгып кетишине уруксат беремин. Эгер чыгып кетемин десе азыр эле дарбазанын оозун ачтырамын», – деди.

Ошол учурда кыргыздардын ак чачтуу узак өмүр сүргөн энеси сөз баштады. «Оо, ханым, – деди ал, – койгон шартыңды өзүңдүн оозуңдан уктук, биз буга макулдугубузду билдиребиз. Эми биздин айтарыбыз колунан кармаган баласын жетелеп, көтөргөн жүгүбүздү аркалап таш коргондон чыккандарга толук азаттык беремин деген антыңды бер. Антыңды берсең, хандын сөзү эки болбойт эмеспи. Ошондон кийин дарбазаңды ачсаң болот».

«Убадамды берем, көкө Теңирдин атынан атап ант беремин!» – деди хан. Ошентип айтып күзөтчүлөргө белги берип дарбазаны ачтырат.

Ошол кезде ак чачтуу эне баш болгондор балдарын колунан жетелеп, ак сакалдуу чалын ийнине көтөрүп дарбазадан чыга жөнөйт. Муну көрүп турган хан алданганын билип: «Эй, мунунар кандай?» – десе, ошондо кары эне: «Өзүң айтпадыңбы, бала-бакыраңды жетелеп, көтөргөн жүгүңдү алып кете бергиле, азаттык беремин дебедин беле!» – деп айтып дарбазадан чыгып кете берет. Эненин артынан убап-чубап күйөөлөрүн ийнине көтөрүп бардыгы тең чыгып кетет.

Ушинтип кыргыздар кырылып каларда акылман эненин тапкан акылы аркылуу аман калыптыр. Мына ушундан кийин кыргыздарда энеге болгон урмат-сый дагы артыла түшүптүр. Ошондон баштап аялдар күйөөлөрүнө жакын отуруп, айрым учурда айрым урууларга аялдардын аты да берилє баштаптыр. Айрым жерлерге аялдардын аттары коюлат экен. Мындай алганда элдин эң асыл мурасы, кымбат нерсеси – тил болсо, аны «Эне тил» деп акылкөй эненин касиети аркылуу берилиптир. Ошол замандан ушул күнгө чейин кыргыздар энени, ал сүйлөгөн тилди куттуу нерсеси катары баалап, бул учурга чейин барктап келе жатат.

## АТАНЫН ОСУЯТЫ

Эркебай аттуу акылман карыя илгерки мезгилде өмүр сүргөн экен.

Анын жалгыз уулу болуптур. Карыя көп жыл балалуу болбой жүрүп, карылыкка кадам койгон чагында балалуу болот. Баласы улам чоңойгон сайын анын кылган жоругу, баскантурганы, кылык жоругу атасына жага бербейт. Ошентсе да атасы баласынын жалгыздыгынан унчукпай тим коёт. «Чоңойсо акылына кирээр, менин айткандарымды түшүнөөр» – дейт.

Жылдар токтомок беле, Эркебай карылыгы жетип, ичер суусу, көрөр күнү түгөнүп, өмүрдөн өтөр кези келет. Баласын жанына чакырып алып:

– Балам, кулак салып угуп тур. Мен карыдым, көпкө аралаштым, жаман-жакшылыкты көрдүм. Турмушта ары чайпал-

дым, бери чайпалдым, өз мезгилинде ошолордун бардыгы мага сабак болду. Эми минтип төрүмөн көрүм жакын болуп өлөр чагым келди. Ошон үчүн сага акыркы осуят сөзүмдү айтмакмын. Артында короо толо мал менен азбы, көппү жыйнаган дүнүйөндөн айрылып калбай, кайра көбөйтүп кызыгын көрүү үчүн жана үйгө сыйлуу, эл-журтка кадырлуу болуу үчүн айта турган биринчи осуятымды угуп ал: Айылдагы карыя аксакалдарга салам бербе. Экинчи осуятым, тамакты тандап жалан гана чүйгүнүн жеп-ич. Үчүнчүм болсо, кокус аял алсан жалан гана сулуусун тандап алгынын. Мына ушул айткандарымды эсине түйүп так аткарып турсан, бул дүйнөдө эн бактылуу, жакшы адам болосун, – деп карыя баласына акыркы керээзин айтты.

Арадан бир нече күндөр өтөт. Эркебай карыя өмүр менен коштошуп, тиги дүйнөгө узай берет. Ыйлап-сыктап карыяны жерге коюшат. Ошол күндөн баштап, бала айыл аксакалдарына салам берүүнү унутат. Алдынан өзүнөн улуу болобу, карыя болобу, көрмөксөнгө салып өтө берет. Ага наarazы болгон улуулар:

– Капырай, Эркебай акылман, баарын чече билген адам эле, баласы акмак болуп калган турбайбы – десе, экинчи бирөөлөрү:

– Ээй, бул бала атасынан калган дүнүйөгө мас болуп, дөөлөтүн көтөрө албай жүрөт. Анысы түгөнөр, ошондо көрөсүн бойпондоп салам айтканды.

Бала тамактын жалан даамдуусун жейм деп, атасынан калган малды союп, оозунан май агызды. «Атам жалан сулууларды сүй», – деп айткан болчу деген ой менен, эл аралап кыз тандап, сулуудан сулууну издеди. Тапкан сулууларына үйүр-үйүрү менен жылкыларды, короосу менен койлорду берип, аял алды. Жактырбаганын коё берип, коё бербесе башка кыздардан токол да алып жүрдү. Бири кирип, бири чыгып жатты.

Ушинтип жаштык-мастык дегендей, дүнүйөсүн онду-солду чачып олтуруп, аз күндө эле дүнүйөсүнүн түгөнгөнүн билбей калды.



Күндөрдөн күндөр өтүп, бир күнү эт менен кымыз, казы менен карта, жал менен жая турмак, тишке үйрүп жээр, оозун толтура ууртаар сүт да таба албай калат.

– «Жамандан жакшы туулар, эл айтса ишенгиздей, Жакшыдан жаман туулар, тамак-ашка кошкусуздай» деген ушул турбайбы. Атанын дөөлөтүн көтөрө албады. Мандай терин агызып, жыйнап-тергендин ордуна, атасынан калганды ичип-жеп бүтүрдү. Кайран Эркебай, акылдуу киши эле. Жок дегенде өлөр алдында баласына «мындай жүр, тигиндей жүр» деп осуят да айтпаган экен ээ? – деди жаны ачыгандар.

– Айткан болчу, аны мен өз кулагым менен Эркебай баласын чакырып алып айтканда кашында болчумун, –деди Эркебайга кыйыр тууганы. Анан ал ошол жерде отургандарга Эркебайдын баласына айткан осуяттарын кайталап айтып берди. Угуп отурган карыя көпкө ойлонуп калды да, анан баланы чакыртты.

Бала келгенде карыя баладан атаң өлөрүндө эмне деп айтты эле деп сурады. Бала уккан-көргөнүн бүт айтып берди.

– Сенин атаң акылга бай, ойго терең киши турбайбы. Осуятын эң жакшы айткан экен. Бирок сен аны туура түшүнбөпсүң, сөздүн маанисин ойлонбопсуң, – деп карыя башын чайкады.

– Андай болсо урматтуу карыя, атамдын купуя осуятынын сырын чечип бериңизчи? – деди бала.

– Эми, угуп тур, – деди карыя, – чечмелеп берейин.

Биринчи осуятындагы «айылдын аксакалдарына салам бербе» дегени, эртең менен эрте туруп жумушуңа кет, күн батканда кел дептир. Ошол эки учурда карыялар жолунда жок болот, үйүндө олтурушат. Сени көрбөгөндөн кийин эч бир карыя, аксакалдар сага таарынбайт. Экинчи осуяты «тамактын таттуусун же» дегени, курсакты аябай ачырып туруп жесең, кандай гана тамак болбосун өтө таттуу болот. Ал эми улам-улам эле тамак жей берсең балдын да даамы кетет. Элде кеп бар эмеспи «Тойгонго токтунун эти кермек» дегендей. Элди арала, мал жый, дүнүйө тап, эмгектен, ошонун арты менен жүрүп үйүңө анда-санда келсең, алган жарың баарынан сулуу көрүнөт. Сагынып келип көрүшкөн жарыңдан сулуу аял жок бул дүйнөдө. Алгач жарың менен күндө көрүшүп, кашында болсоң, тоё жеген токтунун этиндей болуп калат. – Акылдуу атаңдын айткан үчүнчү осуяты ушундай.

– Сөздү угуп отурган бала атасынын табышмактатып айткан сөзүнүн маанисин ошондо гана түшүнүптүр. Ошондон баштап жакшы жолго түшүп, аксакал-карыяларды көргөндө саламын үзбөй, эмгекчил болуп, элге кадыр-баркы өскөн экен.

## ДАРТТЫН АЙЫГЫШЫ

Өткөн замандарда аты алыска, даңкы далайга кеткен белгилүү табып болуптур. Кандай оору болбосун өзүнүн тоо-таштан, ар кайсы жактан чогулткан дары чөптөрү менен тамыр кармоо аркылуу эбепке-себеп кылып айыктырып, элден алкыш алчу экен. Нечендеген оору-сыркоолор, бутү жеткен жерде-

гилер, жаным аман калаар бекен дешип, ошол дарыгерге күндөп-түндөп келишчү тура.

Күндөрдүн бир күнүндө алыскы жерден, жүдөп-какап, эптеп жанын сүйрөп, жандаган адамы жок бир адам табыпка келет. Табып да кедей болобу, бай болобу, ким болсо да чын ыклас менен карап, кандайча ооруганын оорулуунун өз оозунан угуп, айыгаар айыкпасын айтчу экен. Алиги орулууну карап, анан күтпөгөн жерден мындай дейт:

– Алыстан болобу, жакындан болобу, арып-ачып нечен жол басып келгенге чындыкты айтуу менин парызым, эгер антип айтпасам Кудай астында күнөөкөр болуп калам, – дейт табып дарыгер. – Бул жарык дүйнөгө келген пенденин о дүйнөгө кетери чындык. Ал эми андай адамдын агайын-туугандардын алдында ыраазычылык менен кетүүсү парыз. Ошондуктан бул дүйнөдөн кетериңизге эки-үч айдын жүзү калды. Айыктырууга менин күчүм жетпейт, – дейт. Табып айыгуунун сырын билсе да сыркоолууга эч нерсе айтпайт.

Чындыкты уккан оорулуу үмүтү үзүлүп кайра кетүүгө мажбур болуп, жол тартып жөнөйт. «Жол азабы көр азабы» демекчи, келгенинен кеткени оор болуп, жол тартып кайра үйүнө жөнөйт. Кыска жол узак жолдой сезилет. Ошентсе да, элиме жетсем деген үмүт менен алдыга карай жүрө берет. Күндөп-түндөп жол жүрүп олтурат. Жүрүп олтуруп күн бата бир үйгө түш болот. Бирок үйгө кирүүгө дармети жетпейт. Үйдүн жанындагы таш короонун жанына келип кулайт. Канча жатканы белгисиз, бир учурда көзүн ачса тан агарып, жерге жарык кирип калыптыр. Оорукчан байкуш ордунан кыймылдай албайт. Бир жагы жол жүргөндүкү, экинчиси айыкпас кесел аябай чаалыктырып салса керек.

Ангыча үйдөн чака көтөрүп бир келин чыгат. Үйдүн сыртында байланып турган, жанында музоосу бар уйду карай бет алат. Уйдун эч жеринде кылдай агы жок капкара экен. Тууганына бир же эки эле күн болгондой. Келин ошол уйдун ууз сүтүн сааганы бара жаткандай. Уй музоосун жалап-жулап турат. Алы келбеген байкуш сыркоолуу баарын байкайт. Алиги

келин уйдун эмчегин эки-үч жолу тарткылап, анан уйду ийисин дегенсип музоосун салып, өзү үйгө кирип кетет. Дал ошол учурда кайдан-жайдан келгени белгисиз бир кызыл боор кара чаар жылан чакадагы сүткө башын салып, азыраак убакыт туруп, анан ары карай сойлоп кетет. Мунун баарын алиги сыркоолуу көрөт. Уй ийип калдыбы дегенсип келин үйдөн чыгып, музоону уйдан тартып жанына байлап, уйду саай баштайт.

Саап бүтүп чакадагы сүткө карайт. Сүттөгү карайгандарды алып салгысы келип, боз үйдүн керегесинин жанында өсүп турган эки-үч камыштын бирин жулуп алып, сүттөгү карайгандарды алып, анан сүттү алиги камыш менен аралаштырат. Камышты таштап, үйдү көздөй бара жатып таш коргон жакты карайт да, алиги сыркоолууну көрөт, көргөндө чочуп кетет. Келин чакасын үйгө киргизип, кайра келип сыркоолууну сүйөп-таяп, үйгө киргизет. Алдына төшөк салып жаткырат. Кайдан каякка баратканын сурайт. Сыркоолуу да сыр жашырбай баарын айтат. Келин сүттөн бышырып ичирет. Жаны тууган уйдун ууз сүтү сыркоолуунун көкүрөгүн, табитин ачкандай болот. Сүткө тойгон сыркоолуу бир түн, бир күн бут серппей уктайт. Көзүн ачса бир табак сүттү ичкен байкуштун бою женилденип, жүзүнө кан жүгүрүп, кадимкидей сергип калыптыр. Көнүлү ачылган сыркоолуу келиндин үйүндө эки-үч күн жатып, кадимкидей ал-күбатка кирип калгандай болду. Бул сергүүсү ажалдын жакын болуп калды деп ойлогону эле. «Кой эмнеси болсо дагы үйгө жетип өлөйүн» деген ниети менен келинге ыраазычылыгын билдирип жолго чыгат. Ошол бойдон үйүнө келип, болгон окуяны үй-бүлөсүнө, эн жакындарына айтып ыйлап-сыктап, өлүмдү күтүп жатып калат.

Бирок ал дарыгер табып айткан үч ай өтсө да эч нерсе болбойт, дагы үч ай өтөт. Мурункуга караганда тынып, майда-барат жумуштарга жарап калат. Мындан кийин бир жыл өтөт, эки жыл өтөт, оорудан биротоло айыккандай болот. Жада калса сыркоосу жөнүндө таптакыр унутат. Болгону дарыгер табыптын айтканын такыр эсинен чыгарбайт. «Капырай мага

дарыгер үч айдан кийин өлөсүн деп эмне үчүн айтты экен?» – деп ойлой берчү болду.

Акыры бир күнү «кой минтип сарсанаа болбой дарыгердин өзүнөн барып сурайын» деп жолго чыгат.

Ошентип, мурдагы өзү баскан жол менен жүрүп олтуруп, дарыгер табыпка келет. Дарыгер табып мындан үч жыл мурун өлөт деген адамынын алдында турганына таңданат. Эсендик сурашкандан кийин кантип аман калгандыгын сурайт. Байкуш сыркоолуу болгон окуяны төкпөй-чачпай баарын айтып келип



аягында «эмне үчүн өлөсүн» деп катаал өкүм чыгаргандыгын сурайт. Анда дарыгер башын көтөрүп мындай дейт:

– Сиздин кеселиниз минден бир адамда боло турган оор кесел болчу. Эми туура келсе айыкпай турган оору жок дечи, оорунуздун кантип эмдөөнүн да жолун билер элем. Бирок ошол эмге үч дары кажет эле, ошонун ичинен бирөөсүн табуу эн кыйын болчу. Биринчиси, эч жеринде агы жок кара уйдун жаны туугандагы сүтү керек эле, ал дагы торпогу ээмп ийиген-ден кийин. Аны табууга болот болчу. Экинчиси жер боор-токтогон, алды жагы кызыл боор кара чаар жыландын таң эртен мененки уусу зарыл эле. Аны да табууга болот болчу. Үчүнчүсү, эн керектүүсү өлгөн адамдын жамбаш сөөгүн жарып чыккан камыш сыяктуу чөптүн өзү керек эле. Мына ушул чөптү табуу кыйын болгондуктан, чындыкты айтып элине кайтарганым ырас болчу. Эл-журтунузга тез жетсин дегем. Бирок «кепин кийген келбейт, кементай кийген келет» дегендей сиздин дартыңызга алиги мен айткандарды таап берген табып туш болгон го, ошолорду айтсаныз, – дейт. Мурдагы сөзүндө жылан, сүт жөнүндө айтпаган алиги сыркоолуу, келиндин үйүнүн жанындагы окуяларды дарыгерге айтып берет. Анда дарыгер табып: «Ошол камыш сымал чөп – өлгөн адамдын жамбаш сөөгүн аралап чыккан тура, кайсы жерге чыкканын көрсөтө аласынбы», – деп сурап, алиги адамды ээрчитип алып, ошол жерге келишет. Келишсе баягы үйдүн орду турат, бирок үй жок. Сыркоо болгон киши камыш чөптү келин кайсы жерден жулганын көрсөтөт. Дарыгер ошол жерди күрөктөп каза баштайт. Бир аз казгандан кийин кишинин сөөгү чыгат. Абайлап караса адамдын жамбаш сөөгү камыш чөптүн тамыры менен тикеленип туруп калган экен.

Алиги сыркоологон адам дарыгердин көрөгөчтүгүнө, билгичтигине, тажрыйбалуулугуна аябай ыраазы болот. Жөн эле ыраазы болбой, дарыгер табыптын ошол касиеттерин жалпы журтка жарыялап, даназасын арттырат. Данкын далайга, атын алыска угузуптур.

618 15424 901

# АТАСЫ КАЛТЫРГАН МУРАС

Илгери-илгери бир замандарда акылман адам өмүр сүргөн экен. Анын үч уулу болот. Күндөр өтөт, балдары эр жетет. Акылман картаят. Бир күнү ооруп калат. Ушул оорудан онолбосуна көзү жеткен акылман балдарын кашына чакырып алып:


– Мына балдарым, эр жеттинер, турмуштун ачуу-таттуусун түшүндүнөр, кимдин жакшы-жаманын ылгап калдынар. Мени болсо көрүп турасынар, төрүмдөн көрүм жакын болуп турат. Бул оору мени албай тынбайт көрүнөт, – деп бир азга ойлоно түшүп, ошол үчүн силерди чакырып олтурам. Жашоодо жакшы болуп өмүр сүрүү кыйын, анын миң түркүн жолу бар. Аны туура тандай билгиле! Ынтымактуу болуп, элдин да камын ойлой жүрүү керек! – акылман үшкүрүп, ойлоно калды. – Адам өзүнүн керт башынын кызыкчылыгын ойлоп, башкалар жөнүндө камкордук көрбөсө, андай адамдан жакшылык күтүү кыйын. Ушул жашка чыкканча, элден бөлүнгөндүн, батыр, агайын тууганын алалап жүргөндүн жакшы болгонун көрө албадым. Силерден сурарым жаман адаттан алыс болуп, бири-биринерден алыстабай, ынтымактуу өмүр сүргүлө! Эмне иш кылсанар да акылдашканынар жакшы. Артынарда өкүнүч болбойт. Ошондон улам: «Кенешип кескен бармак оорубайт» деген макал бар. Эчкидей жаным калды, олбөс эч ким болбойт, – деди Акылман балдарын сыноодон өткөргөндөй бир сыйра тиктеп. – Артымда силер үчүн калтырган азын-оолак дүнүйөм бар. Ал мына бул менин баш жагымдагы сандыкта. Бирок бул сандыкты өтө кыйналып, дүйнөдөн каржалган мезгилде ачкыла. Аны силерге калтырган мурасым. Аны көздүн карегиндей сактагыла! – дейт да акылман ойлоно түшүп обдула калып, балдарына карап, эки алаканын жайып: – Тенир жалгап, тилегинерди берсин, өмүрүнөр өткөнчө ынтымактан айрылбагыла! – деп батасын берип сөзүн токтотот.

Арадан күндөр өтөт, акылман дүйнөдөн кайтат. Эл-журту, балдары ыйлап-сыктап акылманды жерге коёт. Аш суусу берилет. Балдары өз алдынча үй күтүп, бөлөк-бөлөк жашай башташат.

Эми дүнүйө күткүсү, каада туткусу келишет.

Бир күнү үч бир туугандын оюна баягы атасынын сандыгы түшөт. Үчөө чогулуп атасынын сандыгын ачмак болушат. Макулдашып үчөө сандыкты ачышат. Ачышса, сандыктын ичинде боз үйдүн алтын жалатылган түндүгүн, адамдын баш сөөгүнүн эки жаагы, койдун көрпө терисинен жасалган эки желди, атайын бычып даярдалган кундуз жаканы көрөт. Андан тышкары бүктөлгөн катты табышат. Сандыкта мындан башка эч нерсе жок эле. Катта мындай деп жазылган экен: «Балдарым, ушул көргөнүнөрдү эч бүлүндүрбөй бөлүп алгыла, бирөөнөргө да артык же кем кетпесин. Туура бөлсөнөр силерге да, элге да пайдасы чоң, эгер туура эмес бөлсөнөр эл алдында абийиринер кетип зыяны тиет. Балдар бири-бирин карашып таң калып туруп калышат.

– Бул жерде төрт буюм бар экен, биз үчөөбүз, кантип бөлөбүз? – деди үчөөнүн улуусу.



– Ойлонуп көрөлү, мында бир чечилбеген сыр бар болуу керек, – деди ортончусу.

– Эмне кылабыз анда? – деп үчүнчүсү сандыктын ичине көз жүгүртүп; – кандай болбосун туура бөлүштүрүшүбүз керек! Ары ойлонуп, бери ойлонуп эч айласын таба алышпады. Айыл аксакалдарын чогултуп, сандыктагыны көрсөтүштү. Бирок бул табышмакты эч кимиси таба албады. Ар ким өз билгенин айтты. Талаш-тартыш да болду.

– Жаакты бирөөнө, женди экинчисине, жаканы үчүнчүсүнө берип, түндүктү үчкө бөлүү керек – дейт аксакалдардын бири.

– Түндүктү бузбай бөлүү керек, – дейт экинчи бирөө.

– Бизге кандай зарылдыгы бар, өздөрү бөлүп алышсын, – дейт үчүнчү бирөөсү.

– Эмесе тарабайлыбы, күндө эле чогула бербей, – дейт төртүнчүсү. Бирок топтолгон эл тарабайт.

Ангыча артына баштык асынган, колунда таягы бар, кийгени өңү өчкөн чепкен, бутунда чарык, башында желкесин жапкан, асты күндөн серепчиленген, ак калпакчан карыя жолдон өтүп бара жатып, алиги топко келип салам берет:

– Ассалоом алейкум калайык!

– Валеки ассалоом алейкум карыя! – дешет тургандар.

– Эмне турасынар, топтолуп турганынардан кайрылдым эле. Чечилбеген талашынар барбы? Ортодон бир карыя суурулуп чыгып:

– Бул үч бир туугандын атасы дүйнөдөн кайтканына көп болду эле. Өлөөрүндө ушул сандыкты мураска калтырган экен. Каржалганынарда ачкыла деп табыштаптыр. Эми ачып караса, ичинде жаак, жака, эки жен жана боз үйдүн түндүгү бар экен. Атасынын үчөөнө жазган каты да жүрөт. Жазып кеткен катында, ушул буюмдарды бөлүп-жарбай тен бөлүп алуулары жазылган. Эгер тен бөлүп албаса, апатка учураары эскертилиптир. Ушуну чече албай бир нече күндөн бери чогулабыз, бирок кандайча тен бөлөөрүбүздү билбедик, – деп сөзүн токтотот алиги карыя.

Сөздү аягына чейин угуп, жазылган катка көз жүгүртүп, карыя бир азга турат да, анан үч бир тууганга карап:

– Балдарым, атанар өтө акылман, олуя киши экен. Булар бөлүнбөйт. Силерге калтырган купуя сыр тура. Мына бул сандык жашап турган жеринер, ичиндегилери эл жана силерсинер. Буларды үчкө бөлүү опосуздук. Бул купуяны, тагыраак айтканда, бир жакадан баш, бир женден кол чыгарып, элди-жерди асыроо, жаак – бул уруу болобу, улут болобу, жаакташпай сөзү бир болуу. Ошондо гана ошол элдин түндүгү бийик көтөрүлүп, зоболосу бийиктейт. Көрсө атанар силерди эр жетип, акыл токтоткондо ачып түшүнсүн деп сандыкты ачууну кийинкиге калтырган тура.

«Бир женден кол, бир жакадан баш чыгарып сөздөрү бир болсо, качан да болсо алтын түндүгү кетөрүлүп турат деген турбайбы», – деп карыя сөзүн аяктайт. Сөздү тыншап тургандар карыянын кебине ыраазы болуп тарап кетишет.

Мына ушундан кийин алиги үч бир тууган эли менен бирдикте болуп, өтө ынтымактуу жашап туруп калышкан экен.

## АКЫЛДУУ ЖИГИТ

Байыркынын байыркысында бир мартабасы ашкан, байлыгы ташкан бир хан болот. Анын кырк сулуу аялы болуптур. Алган аялдарынын эч кимиси төрөбөй, эн кийинки алган кыркынчы аялы үч эркек уул төрөп бериптир. Бирок хан кыздуу болсом деп тилечү экен. Күндөрдүн бир күнүндө өзү топ жигит ээрчитип, тоого ан уулоого чыгат. Ан уулап жүрүп бир кийикке кездешип калат. Аны көрүп, атып алмак болуп аркасынан кууйт. Хандын минген аты күлүк болгондуктан жанындагы жигиттери артта калып калат. Ал эми хан болсо кийикти кубалай берет. Бир убакта тегиз көк жайсандуу жерге келгенде алиги кийик сулуу кызга айланып, ханга таазим кылып башын ийип туруп калат. Хан атайын деген саадагын тартып алып, тан кала кыздан сурайт:

– Сен кимсин, адамсынбы же кайберенсинби?

– Ооба, мен кайберендин кызымын. Сен көптөн бери кыз тилеп жүрөсүн, эгер сен мени алсан мен сага кыз төрөп беремин, – дейт.

Хан макулдугун берип, кызды артына учкаштырып, кошунуна келип, жигиттерин жыйнаштырып, ордосун көздөй жөнөшөт. Ордого баргандан кийин отуз күн оюн, кырк күн тоюн жасап, кызды өзүнө аялдыкка алат.

Арадан жыл айланбай кыздуу болушат. Хан ал кызын башка балдарына караганда аябай жакшы көрөт. Ал кыз башка кыз балдарга караганда жыл сайын эмес, ай сайын чоноюп отурат.

Көп өтпөй хан ордодон шумдуктуу окуя башталат. Анткени хан ордого жакын жерде ханга тиешелүү бир короо кой боло турган. Ошол короодон күнүнө үч-төрттөн кой жоголо баштайт. Бирок ууру табылбайт. Бул кабар ханга да жетет. Хан өзүнүн үч баласын чакырып алып:

– Силер күнүнө бирден кезекке туруп мага ууруну кармап бересинер, – дейт. Уулдары макул болуп кезектешип турмак болушат. Улуу баласы биринчи күнү күзөткө турат. Бирок түн ортосу болгондо уйкусу келип уктап калат. Эртен менен турса, короодогу койдон үч кой кем.

Экинчи күнү ортончу баласы турат. Ал: «Агама окшоп уктап калбайын», – деп басып жүрөт. Эми тан атарга жакын калды ким алмак эле дегенсип короонун четине кыйшайып уктап кетет. Ойгонсо күн шашке болуп калыптыр. Коюн санаса беш кой кем. Хан улуу баласын урушкандай, бул баласын да урушат.

Үчүнчү күнү кичүү баласы күзөткө турат. Ал күндүз уйкусун кандырып уктап алган эле. Колуна саадагын алып, ага жебесин салып ким болсо да атып салмак болуп даярданып короонун бийик жерине жатат. Түн ортосу оогон мезгилде койлордон бою чыкпаган, колуна камчы алып бир караан келип, койлорду бөлүп айдап жөнөйт. Баланы коркунуч бийлейт. Бирок кантсе да койлорду ажыратып калуу керек болчу. Алиги караан койлорду айдап колун көтөрө бергенде

бала саадагы менен атып калат. «Кокуй» деген үн чыгып, койлорду таштап, алиги караан карангы түнгө сүнгүп качып кетет. Бала туруп барып, үн чыккан жерди караса, кызыл ала болуп башбармак жатат. Эртеси болгон окуяны айтып атасына барып, башбармакты көрсөтөт. Хан бармактын ээсин табууга буйрук берип, өзүнүн карамагындагы элдин кичинесинен чонуна чейин текшертет. Текшерип келген бармак өзүнүн кызыныкы болуп чыгат. Бирок хан кызын күнөөлөбөй баласын күнөөлөп:

– Сен атайы кызымды көрө албастан аттын, – деп желдеттерин чакырып, баласын өлүмгө буйруйт.

Баланы өлтүрүү үчүн алып жөнөгөн желдеттер баланы аяп, кийимин чечиндирип, бир улак таап аны союп, баланын кийимин кан кылып, баланы бошотуп жиберет. Кийимди желдеттер алып келип ханга көргөзүп, өлтүрүп келдик дешет.

Ал эми бала болсо үстүндө кийими жок, болгону ич кийими гана бар. Жүрүп отуруп бир теректин жанына келип эс алат. Анан теректин бир бутагын сындырып алып, андан ары жол улайт. Кете берет, кете берет. Курсагы ачат, чарчайт, уйкусу келет. Жол боюна токтоп, колундагы теректин бутагын жерге сайып коюп ошол жерге уктайт, эс алат. Ойгонсо эс алып калыптыр. Курсагы ачканынан чөп-чар жулуп жейт да, андан ары жол тартат. Сайган таягы эсинен чыгып, баягы сайган жеринде калат. Нечен күн жол жүрүп арып-азып, бөлөк хандыктын шаарына келет. Көчө кыдырып, кайыр сурайт. «Баласы жокко бала болом, ботосу жокко бото болом», – деп айтат барган жерине. Ошентип бир кемпирдин үйүнө туш келет. Ал баласы жок жалгыз экен. Баланы аяп «мага бала бол» деп үйүнө киргизип алат. Жигит ошол жерде жашай берет.

Күндөрдүн бир күнүндө хандын желдеттери шаар аралап жар чакырып жүрөт. «Кимде ким хандын кырк балбанын жыкса, хандан каалаганын алат. Чон той болуп жатат, баарынар баргыла!» Бала энесине айтат. «Мен барып күрөшүп көрөйүн», – дейт. Энеси: «Кой балам, алардын баарын жыга албайсын, убара болбо, андан көрө барып тоюн жеп келгин»,

– дейт. Бала ага болбой: «Эне батаңызды бериңиз, мен аларды жыгат болушум керек», – дейт. Айласы кеткен энеси баласына: «Болуптур, эгер баарын жыгып алсаң, хандан башка эч нерсе сурабай, эки чоң ити бар, ошону сура» деп балага батасын берип жөнөтөт. Жигит эл менен кошулуп тойго барат. Барса эл топтолуп калган экен. Барып караса бел курчоого чейин чечинген кырк балбан ортодо турат. Күрөшкө чыккандар бирин-экисин жыкпаса эле, өздөрү жыгылууда. Мындай караганда эч ким чыкпай жаткандай. Бир убакта баланын бөйрү кызып, өзүнүн күрөшкө чыгарын айтат. Тургандардын айрымдары: «Кой, жыгылып каласың» дешип баланы аяшат. Бирок бала беттегенин бербей ортого чыгат. Балбандар баланы тоотпогонсуп, «биздин эң кичүүбүздү эле жыгып алчы» деп, эң кичине баланы көрсөтөт. Бала бет алышканда эле кичүүсүн көтөрүп жерге чабат. Ошентип отуруп отуз тогуз балбанды жыгат. Чарчайт. Акырында кыркынчы балбаны чыгат. Ал күрсүйгөн, булчуңдары буркуйган, адамдын алы жетпестей зор, төөдөй балбан экен. Бала сестенет. Бирок чыйралып, «энемдин батасы текке кетпес, эгер чын берилген бата болсо мени колдой көр» деп балбан менен бет алышып белдешет. Көтөрүп жерге чабат, башынан ашыра ыргытат. Бирок мышыктай болуп тике тура калышат. Акыркы күнү бала кайратына келип, «оо кудай, бардык нерсени өзүңдөн тилейбиз, энем да оозуна кудайды алып бата берди эле, кайратыма кайрат, күчүмө күч кошо көр» деп ичинен жалынат. Ошондо балага кандайдыр бир күч кошулуп, алиги балбанды жерден алып, төбөсүнө бийик көтөрө айлантып келип жерге чабат. Жыгылган балбандын башынан аттап ортого туруп калат. Турган эл баланы «балбан көтөр» кылып көтөрүп кетишет. Хан баладан: «Эмне каалаганың бар, сураганыңды берем», – дейт. Бала ханга карап: «Мага эч кандай дүнүйөнүн кереги жок. Болгону сиздин эки итиңиз бар экен, ошону берсеңиз болду», – дейт. Хан эки итин абдан жакшы көрө турган. Бирок эл алдында «эмне кааласаң ошону берем» деп койгондон кийин, сөзүн эки кыла албай, балага эки итин

карматат. Бала эки итти ээрчитип энесине келет. Энеси аябай кубанат. Шаардын эли да «биздин зор балбаныбыз» дешип баланы аябай ардакташат.

Арадан күндөр өтөт. Күндөрдүн биринде жигит түш көрөт. Түшүндө ата-энеси жашаган шаар кыйрап, ал эми ата-энеси болсо кайыр сурап жүрөт. Чочуп ойгонот. Түшүн энесине айтат. Энеси:

– Балам, ата-энеңди сагынган турбайсыңбы? Бар, барып көрүп сагынычыңды таратып кел! Ар кандай болуп калышы ыктымал, башына кыйынчылык түшүп калса кереги тиет. Мына бул иттердин маңдай жүнүнөн жулуп алып катып ал, эң керектүү учурда отко күйгүзсөң иттер сага жардамга даяр болот, – дейт. Бала энеси менен коштошуп, атайын сатып алган күлүк атына минип жол тартат.

Нечен күнү жол жүрүп өзүнүн туулуп өскөн жерине келет. Түшүндө көргөндөй эле шаардын чалдыбары чыгып калыптыр. Чалдыбары чыккан шаарды аралап жүрсө, бир жерде эки адам темирди отко кызытып жаткан экен. Жигит алардын жанына барганда экөө тең чочуп кетет.

– Кокуй, тез бул үйгө кир, желмогуз кыз келсе сени да жеп коёт. Үйгө киргенде баарын айтып берем, – дейт тиги темир кызыткандын бири. Жигит үйгө киргенде алигилердин бири кошо кирип болгон окуяны айтат. Көрсө, жигиттин карындашы желмогуз болуп короо-короосу менен койлорду, үйүрү менен жылкыларды, тобу менен уйларды жеп, кийин жагында адамдарды отко кактап шишкебек кылып жеп жатканын, жей турган адамдарды темир тор ичине камаганын айтат. Бала тигинден: «Эмне үчүн силерди жебейт» дегенде, тиги киши «көрдүң го биз темирди ысытып отурабыз, ал келер менен экөөбүз эки жактан темирди суурабыз, темирдин кызарган ысыгынан коркуп кетип калат, ошондон улам аман калып жүрөбүз», – дешет. Жигит желмогуз карындашы кайда турарын тигилерден сурап алып, анан ошол желмогуз карындашынын үйүнө барат. Саламдашып үйүнө кирет. Өзү ага агасы экенин тааныштырат. Кыз болсо бош казанды кемегеге

асып коюп, алдына от жагып отурган экен. Кыз сыртка жүгүрүп чыгып кетет. Бала айнектен караса кыз атынын бир бутун кесип, чийкилей жеп жатканын көрөт. Билмексен болуп отура берет. Кыз сырттан келип: «Аке, атыңыздын үч буту бар беле, же төрт буту бар беле», – дейт. «Үч эле буту бар болчу», – деп жооп берет. Улам-улам сыртка чыгып отуруп, атты бут жеп салат. Анан агасына: «Аке, сиз тиги тамдын үстүнө чыгып мордон бутуңузду салбыратып турбайсызбы, мен качан түш дегенде түшсөңүз, бир кызыкты көрөсүз да мага ыраазы болосуз», – дейт. Жигит кыздын аллап эптеп өлтүрө албай жатканын түшүнөт. Айла колдонуюн дейт да, өтүгүн чечип жип менен байлап мордон салбыратып коюп өзү качат. Эптеп амалын таап кызды өлтүрүүнү ойлойт. Кыз болсо чоң казанга отту аябай жагып, жаңы куурдак жей турган болдум деп сүйүнүп отурат. Казан аябай какшыган мезгилде: «Аке, түшө бер», – дейт. Бирок үн жок. Караса агасы жок экен. Сыртка чыгып артынан кууйт. Бул мезгилде агасы бир топ жерге качып барып калган. Караса алдында чоң терек турат. Ал терек бир кезде өзү сайып кеткен теректин бутагынан өскөн терек экен. Ошого чыга качат. Анан оюна баягы иттердин жүнү эсине түшүп түтөтөт. Ангыча желмогуз карындашы келип калат. Агасын көрүп, теректи кулатыш үчүн азуу тишин араа кылып, теректи кемире баштайт. Бала иттер келгенче терек жыгылып кыздын жеми болуп каламбы деп коркуп, желмогузду алаксытмак болуп: «Карындашым, карачы тетигинде көп адам келе жатат, ошону жеп турбайсыңбы, мен кайда качмак элем, анан деле жейсиң да», – дейт. Кыз кемиргенин токтотуп, элеңдеп эки жагын карап, жакын жердеги дөбөгө чыгат. Бирок эч кимдин көрүнбөгөнүн байкап, кайра келип теректи кемире баштайт. Ошол учурда, арсылдаган иттердин үнү чыгып, тай торпоктой болгон эки ит келип калат. Кыз иттерди көрүп шашып качып жөнөйт. Иттер жете келип желмогуз кызды талап, бири алкымдан алса, экинчиси ичин жара тартып, кызды өлтүрөт. Андан кийин теректен түшкөн жигит иттер менен кучакташып көрүшөт. Иттеринин башынан сылап ыраазы

болот. Анан желмогуз кыздын мойнундагы илинген топ ачкычты алып камалып жаткан көптөгөн адамдарды бошотот. Баары ыраазы болушат. Бир эшикти ачса атасы менен энеси жатат. Кийимдери тытылган, ачка, өлүүгө жакын эле калган экен. Ал эми эки агасы менен атасынын мурдагы алган аялдары жана кыздын апасы жок. Көрсө, аларды кыз мурда эле жеп койгон экен. Жигит ата-энесин кийинтип, ичинтип, жакшы үйгө киргизет. Эл менен бирдикте бузулган шаарды калыбына келтирет. Атасынын хандыгы болгон ордону мурдагыдан да кооз кылып салдырат. Өзүн баккан энесинин жериндеги хандын кызын алып, эки хандыкты бириктирип, бир хандык кылып эли-журтуна кайрымдуу болуп, өмүрү өткөнчө эл үчүн иштеген хан болуп жашаган экен.



# АТАСЫ ЫРААЗЫ БОЛГОН БАЛА

Болжолу жунгар калмак кыргызга кол салган мезгил болсо керек. Ошол учурда үч балалуу киши болгон экен. Бир күнү алиги киши алтымыш ашып карыя деген наамга жеткенде үч баласын сынамак болуп алдына чакырып алат да:

– Мына балдарым, өмүрдүн далайын басып өттүм. Жээримди жедим, жашарымды жашадым, мындан ары жашарбайм. Улам-улам карылыкка моюн сунбасам, кол сермер мезгилден өттүм. Силерди чакырганым, бир суроо бергим бар. Кокус ажал жетип күнүм бүтсө сен эмне кылар элен, – деп улуу уулуна карады:

– Эл-журтка кабар берип, кыргыздын салт-санаасы менен болуп, мал союп, дос-туугандарды чакырып, жаназаңызды окутуп, дооронунузга мал коюп, ардактап коёр элем, – дейт.

– Рахмат уулум, эсиң бар экен! – Анан ортончу уулуна карайт, – Сенчи?

– Агам сизди ардактап жерге койсо, мен сиздин жетилигинизди, кыркыңызды өткөрүп, эл-журтка даңкыңызды чыгарып чоң аш берип, кемеге байге кылып ат чаптырып, көк бөрү тарттырып, кыргызга атыңызды дагы бир жолу чыгарат элем, – дептир.

– Сага да рахмат! Ал эми сен эмне кылат элең? – деп кичүү уулуна карайт.

– Ата, эртеңки күн кандай болот кудай билет, ким бар, ким жок, ар нерсени убакты саатында көргөн жакшы болот. Мезгилинде көрөрбүз, элдин шарына карайбыз да, – дейт кичүү уулу.

Атасы кичүү уулунан мындай сөздү угам деп ойлобосо керек. Ушул уулум начар чыгып калган экен деп ачууланып, өз алдынча оокатыңды кыл деп, азын-оолак мал берип бөлүп жиберет. Арадан жылдар өтөт. Күндөрдүн бир күнүндө Жунгар калмактары басып кирип, алиги карыянын жана балдарынын мал-келин баскынчылык кылып айдап кетет. Карыянын эки баласы каршылык көрсөтмөк түгүл өз жанын



ала качып, ата-энесин таштап тоо-таш аралап кетет. Карыя качкан балдарына наразы болот.

Ал эми кичүү уулу болсо душман менен башка жоокерлер менен кошулуп эли-жерин коргойт. Женишке ээ болгон кенже уулу ата-энесин көрмөк болуп келет. Баласын көргөн атасы өзүнүн кетирген кемчилигин мойнуна алып, баласынан кечирим сурайт.

– Мезгилинде туура айткан экенсин. Бир учурда мактанган эки аган дарек-аты жок болуп качып кетишти. Душман менен урушкандагы баатырлыгыңды угуп ыраазы болдум. Элди-жерди коргоо – бул ардактуу наам.

– Атаке, айтпадым беле, ар нерсени убактысында көрөбүз деп, бардык нерсе кудайдын колунда, эртеңки күнүбүз кандай болот деп жакшы чыкма балдарыңыз, эл-журтка эмес, ата-энеге карабай өз жанын ала качып кетти. «Эртеңки күндү бүгүнкүгө болжобо деген ушул» – дейт кичүү баласы. Ошондон кийин жогоркудай макал элде айтылып калган экен.

# МАКАЛ-ЛАКАПТАР

Эр жигит – элинин уулу,
Намысынын кулу.

Ынтымагы бир элди жоо ала албайт,
Сөзү бир элди доо ала албайт.

Туулган жерин – эне экен,
Кыйналганда паанаң экен.

Башка элдин жакшысы болгончо,
Өз элиндин сакчысы бол.

Ынтымак – бузулбаган коргон,
Коштоп тиккен чырпык токой болгон.

Бир кишиники – макул,
Эки кишиники – акыл.

Тирлик башка болсо да, тилек бир,
Бармак башка болсо да, билек бир.

Ит менен ит ырылдашса, курсагынын токтугу.
Жигит менен жигит кыжылдашса,
ынтымагынын жоктугу.

Ынтымагы бар элдин ортосун эч ким буза албас.

Алтын албай, алкыш ал,
Алтын жердин сыйы,
Алкыш элдин сыйы.

Баатыр – намыстын кулу.

Алы келген көтөрүп да, чалып да жыгат.

Баатыр мактанса, жоону чапканын айтар,
Куу мактанса, алдап алганын айтар.

Өз башынды доого берсен да,
Жолдошунду жоого бербе.

Баатырдын жакшысы эли менен акылдашат,
Аялдын жакшысы күйөөсү менен акылдашат.

Баатырды эл чыгарат, гүлдү жер чыгарат.
Тизелеп өмүр сүргөнчө, тике туруп өлгөн артык.

Жигитке жер кымбат, намыс менен ар кымбат.

Элдин данкын баатыр чыгарат,
Баатыр чыгарбаса, акын чыгарат.

Шагы сынган жигиттин – камчысынын сабы да сынар.

Өнөрлүү элдин оту өчпөйт.

Элди таштап четке кетпе,
Четке кетсен көпкө кетпе.

Кулкунундун кулу болгончо, элиндин уулу бол.

Улуттун касиети – тилинде,
Куштун касиети – канатында.

Инв. № 2474

Тилди жоготуу – элди жоготуу.

Тил балбандан да жыгылбайт.

Тил – шекер, бала өзүнчө кетер, байлык – бекер.

Тил – жанын, дил – арын.

Сөздүн байлыгы – тилдин байлыгы,
Тилдин байлыгы – акылдын байлыгы.

Тилдин энеси – эл.

Улуудан – акыл, даанадан – накыл кеп чыгат.

Балан жакшы болсо – көзүн тирүү,
Элин жакшы болсо – сөзүн тирүү экенин бил.

Досундун түбү, илимдин чеги жок.

Айбандан түнүлсөн түнүл, адамдан түнүлбө.

Энесин укпаган, башканы тоотпойт.

Көзүндүн чагылышы, жүрөктүн сүйүшү.

Бөдөнөдөн бий койсо, кыргый кетпейт башынан.

Карышкыр менен каракчы (ууру) жарыктан коркот.

Акылдан сокур болгончо, көзүндөн сокур бол.

Аябай күлгөн ырысын түгөтөт.

Кудайдын каргышынан элдин каргышы жаман.

Эл келип кеткенди сыйлабайт,
Ийилип кызмат кылганды сыйлайт.

# ЖАНЫЛМАЧТАР

Кырк кыркмачы кырк койду кырктыбы?
Кырк койду кырк кыркмачы кырктыбы?

Кырк кызыл куйрук,
Кырк кыл куйрук.
Кырк кыл куйруктун ичинде,
Баары кызыл кыл куйрук.

Ак тайлак акпы?
Кара тайлак акпы?

Топ бала, топ бала,
Ойноп жүрөт топ талаада.
Зуулдап топту ала
Куушат көп бала.

Ай, ай, Айдарбай,
Ийри мүйүз уюнду
Үйүнө айдай бар.

Жамгыр жаап жатат кар аралаш,
Бир топ аял келе жатат чал аралаш.
Тоого кайын чыкты тал аралаш,
Бир топ уйлар келет бука аралаш.

Адырда алты аркар бар,
Кырда кырк аркар бар.

Кырк аркарда карт аркар бар,
Алты аркарда бала аркар бар.

Чөмөлөбөгөн чөптү
Мен чөмөлөбөй,
Ким чөмөлөйт.

Кара майлуу карагайды,
Кесейинби, кеспейинби?
Казыктагы кара тайды
Чечейинби, чечпейинби?

Аркы арал, берки арал,
Ал аралды жайнаган мал аралар,
Кырдын кызыл түлкүсүн кыраан алар.

Айры өркөчтүү атанды жүк картайтар,
Семиз койду май картайтар.
Күйгүлтүк түшкөн менин атамды,
Жаш картайтпай, ой картайтар.

Сен эмне мага олураясын,
Олураярына олурай!

Көп көпөлөк көкөлөп өтөт,
Көп көпөлөк көкөлөп өтөт.
Төрт көпөлөк бөлөк өтөт.

Мынабу кай арал?
Көк иримдүү кен арал, ал арал.

Кезек-кезек тезек терсек,
Керек дешет кезек тезек.

Көзү бүтүк, үч күчүк үшүп,
Үч күчүк үшүп үнү бүтүп.

Былкы-былкы былкы таш,
Былкылдаган кызыл таш.
Таар токум чаар таш,
Тайгаланма кара таш.

Ачка-тогума карабай,
Тоого токтобой, жонго токтобой,
Келе жатып накта шактан
Жасалган бозого ток болдум.

Эки чүкө лөк-лөк,
Андын ичи көлмөк.



## ТАБЫШМАКТАР

Жүгүрбөйт, учпайт,
Үстүнөн басса, чап кармайт.

*(Капкан)*

Чарчабайт да, талбайт,
Жанындан эч калбайт.
Коркот көрүнөт,
Карангы түнгө барбайт.

*(Көлөкө)*

Эмне айтсан жазат,
Кайталап да берет
Айтканынды толуктап.

*(Магнитофон)*

Жак учат деп эл мактайт,
Турушунан каталык таппайт.
Канаты жок каккылаган,
Бирок куштардын тобуна кирбейт.

*(Самолет)*

Эки тулпар келе жатат чан чыгарбай,
Бир карышкыр соруп жатат кан чыгарбай.

*(Ай, күн, эмчектеги бала)*

Уучтасам ууч жетпейт,
Санасам сан жетпейт.

*(Жылдыз)*

Кырда кылыч жаркырайт,
Ойдо кара атан баркырайт.

*(Ай, суу)*

Дыбыр-дыбыр тып чыкты,
Чыгар замат жып болду.

*(Өткүн)*

Тиги үйдө да тып-тып,
Бул үйдө да тып-тып.

*(Тамчы)*

Аласа гана бою бар,
Антара кийген тону бар.

*(Кой)*

Кийим кий десең, кылдан башканы кийбейт,
Тамак же десең, сакалы бийлейт.

*(Эчки)*

Башы балпак, маңдайы жалпак.

*(Үй)*

Минсең – канат, чапсаң – шамал,
Аны сыйлабаган кишилер жаман.

*(Ат)*

Бир айгырга болдум он эки байтал,
Сегизи бооз, экөө кызыр, экөө жоор.

*(Малдын сегиз жилиги,*
*эки далысы, эки жамбашы)*

Мүйүзү бар – уй эмес,
Куйругу бар – жылкы эмес.

*(Топоз)*

Аргый-аргый жүгүрөт,
Аргымакча бүгүлөт,
Муну ойлоп ким билет.

*(Тайган)*

Талаадан тамак аңдыган,
Адырандаган кандай жан?

*(Карышкыр)*

Желбейт, баспайт, көкүрөгүн жазбайт,
Арткы бутунун изин дайыма алдыга таштайт.

*(Коён)*

Кыш куйбай, ылай чылабай, ичи-тышын шыбабай,
Үй куруп алат кайсы уста балта-керки кармабай.

*(Чабалекей)*

Кой куйруктуу, найча белдүү, музоо баштуу.

*(Кумурска)*

Калтандатып канатын, карангыда уктаган,
Күндүз гүлдөн чыкпаган, көп алыска учпаган.

*(Көпөлөк)*



# ЭСЕП ОЮНДАРЫ

## ТӨРТ ТҮЛҮКТӨН КАНЧОО?

Жети жашар баласын эсепке үйрөткүсү келген атасы баласын жанына чакырып алып мындай дейт:

– Жети жылда төөбүз – эки эсе, жылкыбыз – үч эсе, уйларыбыз – төрт эсе, койлорубуз – беш эсе көбөйсө, анда баарын кошкондогу саны азыркы сенин жашындан эки эсе көп болот экен, – дейт.

– Анда биздин үйдөгү төөнүн, жылкынын, уйдун, койлордун, ар бири канчадан болот? – деп бала атасына карайт.

– Аны билүү кыйын эмес, өзүн эле табасын, – дейт атасы баласын ойлондуруп. Көп убакыт өтпөй эле бала жообун айтты. Чынында үйдөгү төрт түлүктүн саны канча?

*Түшүндүрмө:* Эгер жети жылдан кийин эки төө, үч жылкы, төрт уй, беш кой болсо, анда бардыгы он төрт баш мал болоор эле.

*Жообу:* Демек, бул үйдө мурда бир төө, бир жылкы, бир уй, бир кой боло турган.

## МАЛДЫ АЙЫРБАШТОО

Кою көп киши ири мал алгысы келет. Төөсү, жылкысы жана ую көп айылга барып өзүнүн оюн айтат.

– Ар бир ингенимдин бир жилиги – эки кой, бээмдин эки жилиги – үч кой, ал эми уйдун ар бир данкан буту – бир кой, – дейт малдын ээси

– Болуптур, келиштик, – дейт ири мал алуучу. Келишим боюнча койдун ээси койлорду айдап барып берип, алгандарын үйүнө алып келет.

Ошондо койдун ээси канча кой берди?

*Жообу:* Койдун ээси ингенге – жыйырма төрт кой, бээге – он сегиз кой, уйга – төрт кой, бардыгы кырк алты кой берген.

## ЧҮКӨНҮН САНЫ

Үч бала чүкө ойноп бүгүп үйүнө келе жатты.

– Үчөөбүздө тең ондон чүкө бар эле, эми кимибизде канча чүкөдөн бар? – деп сурады үч баланын бири.

– Анчалык деле чүкө уттурганым жок, – деди экинчиси.

– Он жак чөнтөгүмдөгү бир чүкөнү сол жагыма салсам, анда эки жактын чүкөсү теңелет. Эгер сол чөнтөгүмдөгү чүкөнүн бирин он чөнтөгүмө салсам, анда он чөнтөгүмдөгү чүкө үч эсе көп болот.

– Анда сендеги чүкөлөрдүн бардыгы менин утуп алган чүкөлөрүм менен бирдей турбайбы, – дейт алгачкы сүйлөгөн бала.

– Эң көп утулган мен болдум, – дейт экинчиси, – мендеги калган чүкө сенин утуп алган чүкөңдүн жартысындай эле. Оюндан кийин ар бир балада канчадан чүкө калган?

*Түшүндүрмөсү:* Он чөнтөктөгү бир чүкөнү алып сол чөнтөккө салганда эки жактагысы тең болду, он чөнтөктөгү чүкөлөр сол чөнтөктөгүдөн экөөгө ашык дегенди билдирет. Кийинки шарт боюнча, он чөнтөктөгү чүкөнүн сол чөнтөктөгүдөн төртөөгө ашык. Демек, он чөнтөктөгү чүкө сол чөнтөктөгүдөн үч эсе артык. Эгер сол чөнтөктөгү чүкөнү бир эсе десек, анда он чөнтөктөгү чүкө үч эсе. Булардын айырмачылыгы эки эсе, же төрт чүкө болот эле. Ошондо бир эсе дегенибиз – эки чүкө. Сол чөнтөктөгү бир чүкөнү он чөнтөккө салганда, сол жаккы чөнтөктө эки чүкө, он жаккы чөнтөктө төрт чүкө болот. Эми ар бир чөнтөктөгү чүкөнү өз ордунда калды десек, эсептин жообун табабыз.

*Жообу:* Акыркы баланын он чөнтөгүндө оюндан кийин беш чүкө, сол чөнтөгүндө үч чүкө болгон. Алгачкы сүйлөгөн балада он сегиз чүкө, ал эми ортончусунда төрт чүкө калган.

# АЙЛАКЕР ХАН

*(Табышмак-жомок)*

## I

Илгери бир хан болуп, анын жалгыз кызы бар экен. Кызы бойго жетет. Ошондо элине жар салыптыр: «Кимде-ким мен айткан табышмакты жандырып кетсе ошого кызымды берем, бирок бир шарт ар бир эле адам эмес, жашы жыйырмадан отуз жашка чейинки болсун», – дейт.

Ким болсо да хандын кызын алгысы келет эмеспи. Туш-туштан агылып келе берет, бирок хан айткан табышмакты жандыра албай, кайра үйүнө келеке болуп кете берет.

Күндөрдүн биринде бир жигит келет, келген жөнүн айтып, хандан табышмагын айтып берүүсүн суранат. Ошондо хан мындай дейт:

– Он ит, жыйырма карышкыр, отуз жолборс, кырк аюу, элүү өгүз, алтымыш аркандалган ат, жетимиш үч бутталган ат, сексен жумуртка, токсон торгой, ушул табышмагымды тапсаң кызымды берип, кырк күн оюн, отуз күн тоюн жасап, себи менен кошо берем, – дейт хан.

Ошондо жигит токтолбостон мындай дептир:

– Он ит – он жаштагы бала, итче ыркырашат. Жыйырма карышкыр: карышкырдай тытышып, жулкушкан мезгил. Отуз жолборс: отузунда жолборстой алдуу-күчтүү болот. Кырк аюу: кырк жашка келген киши кандай болбосун пастап калат. Элүү өгүз: элүүсүндө өгүздөй жоош тартып мунаят эмеспи. Алтымыш – аркандалган ат: адам алтымышка чыкканда аркандалган аттай болот. Жетимиш – үч бутталган ат: үч буттап тушап койгон аттай боло албайсын дегени. Сексен жумуртка: адам сексенге келгенде жумурткадай чайпалат. Токсон – торгой дегениниз: торгойдой сайрагандан башкага жарабайсын дегени го,– деп айтыптыр.

Хан убадасын бузбастан, жигитке ыраазы болуп, бардык шаанисин жасатып, кызын алиги жигитке берген экен.

## II

Бир кызды бир жигит ала качып келе жатса, жолдон жыйырма каракчы чыгып, жигитти өлтүрүп, кызды тартып алмакчы болот.

Ошондо кыз мындай дейт:

– Силер муну өлтүргөндө мени жыйырманар тен албайсынар. Ошондуктан мен силерди да, бул жигитимди да катарга тургузам да, жыйырма биринчинерди ата берем, – дейт. Каракчылар макул болушат. Ошондо кыз жигитин аман алып калат. Жигитти кыз канчанчы кылып тургузган?

*Жообу:* Жигит он алтынчы болуп турган.

## III

Жалгыз каз өйдө учуп келе жатса, бир топ каз ылдый учуп келе жатыптыр. Жалгыз каз тигилерге: «Ассалоому алейкум жүз каз», – дейт. Анда тиги топ каз: «биз жүз эмеспиз, биздей бир болсо, анан жарым болсо, анын дагы жарымы болуп, сени кошсок, ошондо жүз болобуз», – деди.

Учуп келе жаткан топ каздар канчоо эле?

*Жообу:* Отуз алты каз.

## IV

Үйдүн төрт бурчунда төрт мышык. Ар биринин каршысында бирден мышык. Бардык мышыктар канча?

*Жообу:* Төрт мышык.

## V

Алтымыш араба, ар арабада алтымыштан кап, ар бир капта алтымыштан алма. Бардыгы канча?

*Жообу:* Эки жүз он алты мин.

## VI

Акылын болсо андап бил, эсин болсо эстеп бил. Энендин синдисинин жездеси ким?

*Жообу:* Өз атасы.

# «МАНАСТАН» ҮЗҮНДҮЛӨР

## I. БААТЫРЛАР ТУРПАТЫ

### Айкөл Манас

Атамдан калган Анжиян
Акыры издеп табам деп,
Алла Таала буюрса
Алоокени чабам деп,
Арстан Манас баатыры
Айбатын салып акыркы,
Астынкы эрди албайып,
Үстүнкү ээрди далбайып,
Ал муруту сеңирдей,
Айбаты албарс темирдей,
Муруту тоонун кырдачтай,
Муруту чөлдүн камыштай,
Көзү көлдүн буткулдай,
Каарданып караса,
Көрүнгөндү жуткандай.
Ар мүнөзү караса,
Ажыдаар болсо туткундай.
Алтын менен күмүштүн
Ширөөсүнөн бүткөндөй,
Асман менен жериндин
Тирөөсүнөн бүткөндөй,
Айын менен күнүндүн
Бир өзүнөн бүткөндөй,

Алды калың кара жер
Жерлигинен түткөндөй.
Ай алдында дайранын
Толкунунан бүткөндөй,
Абадагы булуттун,
Салкынынан бүткөндөй,
Асмандагы ай-күндүн
Жаркынынан бүткөндөй,
Мандайы жазы, башы кууш,
Бар боюнда турат тууш.
Кочкор тумшук, кош кирпик,



Көрку калча, көзу тик,
Көбүнө айтса сөзу тик.
Жолборс жүрөк, таш билек,
Жооруну калын жар кабак
Жоругуна карап бак.
Жаагы жазы, ээги узун
Эрди калын, көзу үнкүр
Эр мүнөзу көрүнөт.
Кен көкүрөк, жайык төш
Аркасы кен, бели түз
Айбаты катуу, заар жүз
Пил мүчөсу көрунөт.
Жолборс моюн, жоон билек
Жооруну калын таш жүрөк,
Жылма кабак, жылдыз көз
Бөрү кулак, жолборс төш
Бөлөкчө түрү бар экен.

## АЛМАМБЕТ БААТЫР

Коргошун жүрөк, пил билек,
Коркпой турган Алмамбет,
Айбаты жолборс, ач курсак,
Ар мүнөзүн андап бак:
Жайык мандай, жазык төш
Жалаяк ооз, жалын көз,
Жан катылчу неме эмес.
Ач арстандай ынгырап,
Найзасы колдо зынгырап,
Албарсы белде шынгырап.
Жолдон азган бир жолборс
Жологон пенде соо болбос!
Мергендердей бет менен
Ченеп Манас караса,

Элесин көрүп Алмамбет,
Карап калган канкайып,
Кылжейрен аты данкайып.
Анда Манас ойлоду:
Кызыл түктүү пил экен,
Кыраан эрдин бири экен.
Алыскы ишти ойлогон
Акылмандын бири экен.
Айбатына жан тутпөс
Баатырлардын бири экен.
Кен көкүрөк, сом далы,
Туткандын чагар далдалы,
Балбандардын бири экен.
Кездешкенин мент кылып,
Алгандардын бири экен.
Азуусу албарс, уу тырмак,
Арстандын бири экен.
Айбаты менен ааламды
Баскандардын бири экен.
Качыргандан токтолбос
Камандан алган мүнөзү
Кайгырып жоодон шашпаган.
Жолборстон алган мүнөзү,
Жолдош болуп кезиксе,
Бүткөндөй болуп көрүндү.
Эр Манастын мүдөөсү!
Атышканын уткандай,
Анча-мынча адамды.
Ат, тону менен жуткандай.
Саадагы өгүз белиндей,
Салкыны сырттын желиндей,
Өзү дөбө бир тоодой,
Өчөшкөнүн туткандай.
Өжөрлөнсө кишини,

Өзүн бүтүн жуткандай.
Малакайы алтындан,
Бардашы журттан артылган,
Башында каухар динсе таш
Жаркыны көккө тартылган.
Башында жыга бөркү бар,
Падышалык көркү бар.
Кайратына жан тургус
Канга ылайык каркы бар,



Байкап турсаң алыстан,
Канга ылайык кашы бар,
Ошол келе жатышы,
Жыйырма сегиз жашы бар!

## АКЫЛМАН БАКАЙ

Алтын жаак айбалта
Ач билекке салынып,
Боз кандагай кийинип,
Боз жолборстой түрдөнүп,
Боз кандагай шымына
Милтелеп алтын жалаткан.
Бүтүн кундуз дарысын
Багалекке карматкан.
Оң колунда Бакайдын,
Алтын жаак айбалта,
Сол жагында көк жалдын
Алтындалган жан калта.
Жоо айласын чын билген,
Жолборс Бакай төрөнүн
Камбылдыгы дагы бар.
Таалайы артык айлалуу,
Абаң Бакай акжолтой,
Астыга салса сан колдой.
Билгичтиги дагы бар.
Кеби ширин, сөзү бал,
Чечендиги дагы бар.
Берен да ошол, бел да ошол,
Беренин Манас жолдошу.
Берен Бакай абаңдын
Бет алышкан жери ошол.
Абасы Бакай карыя
Даанышмандын өзү ошол.

Ат арытып, жер чалып,
Ай-ааламды кыдырып,
Айкөл Манас төрөнү
Издеп келген кези ошол.
Байдын уулу Бакай кан
Бал менен оозун чайкаган
Башын такка жөлөгөн,
Аягын сары алтынга бөлөгөн.
Ажалдан кайра тартпаган,



Атышкан жоодон кайтпаган.
Айбаты күчтүү сан колдой,
Арка кылса акжолтой.
Билгич Бакай шер экен,
Акылман Бакай дээр экен!

## БААТЫР КОШОЙ

Катаган кандын кан Кошой
Пайгамбар чалыш карыя,
Адамдан артык тууган олуя.
Батасы эрди байыткан,
Дубасы жанды жарыткан,
Беделин көргөн чочуган.
Он эки пирге кол берип,
Абан Кошой кайран эр
Даанышман Кошой атанган.
Белгилүү Кошой эр ошол,
А да белге тануу шер ошол.
Кененче керчөө тон кийген,
Кер кабылан ат минген.
Азар түмөн кол чыкса,
Айгай салып бир тийген
Эрдиги бөлөк, заары күч
Эр бан Кошой ошол бар.
Атбашынын Чечдөбө
Мекен кылып алды дейт.
Алты шаар Маргалан
Алымды мыктап алды дейт.
Жети өзөндөй кайран жер
Эби менен жер кылып,
Азган-тозгон кыргызды
Эптеп жүрүп эл кылып,
Кулаалы таптап, куш кылып,

Курама жыйып, журт кылып,
Теликуш багып куш кылып,
Тентиген элди журт кылып,
Катагандын кан Кошой
Коргонун таштан салды дейт.
Азган-тозгон ал элге
Абам Кошой карыя
Башчы болуп калды дейт.
Пир тутчу эр ошол,
Абам Кошой карыя




Олуя заада артык кан
Билимдүү Кошой шер ошол.
Баатырдыгы башкача,
Көк жалдыгы көрүнөө.
Алагар көзү чолпондой,
Айкулагы калкандай.
Көзү көлдүн ордундай,
Кез болгонду согундай.
Белге тандуу бел ошол,
Бендеден артык шер ошол.

## ЭР СЫРГАК ЖӨНҮНДӨ

Алмамбеттин сыры бар,
Андай турган сыны бар,
Ордунан туруп Алмамбет
Орчун колго тигилип,
Оёнун Манас астында,
Ойронуң Алман бүгүлүп,
Отурбай туруп кеп айтат:
Ой султаным деп айта,
Акыл ойлоп куп билем,
Аскерден айла болбосун,
Айтайын азыр алдында,
Ала турган жолдошум, –
Урушка чыгат жекме-жек,
Чыны Сыргак, ашык эр
Аты – Теке, өзү – бек,
Атышкан жоону көргөндө
Ажал-өлүм кайда дээр.
Өлүмдү билбес өзү бар,
Өрт жалындай көзү бар.
Өчөшкөн жоону көргөндө
Өкүмөт өткүр сөзү бар.

Сундуруп найза тартпаган,
Сурданып жоодон качпаган
Султандыгы белгилүү.
Кайратын катуу боюнда
Туткандыгы белгилүү,
Камандан алган мүнөзү,
Кайгырып жоодон шашпаган,
Жолборстон алган мүнөзү,
Капаланып күйүкпөс



Кабылан Манас өзүндөй
Жолдоштон алган мүнөзү.
Колунда найза кыйгактуу,
Бир өзүн минге баалаймын.
Сырттан заада Сыргакты,
Жолдоштукка каалаймын.
Болсун Сыргак жолдошум,
Чет Бээжинден жол болсун.
Иришип душман каптаса,
Ишенерим кудайым,
Иштетээрим бир Сыргак.
Жабылса душман жудайым,
Көргөндүн көөнү сүйүнүп,
Көөлүктүн бели ийилип,
Көпкөк темир кийинип,
Соот чарайна, кыягы
Жоодон качпас сыягы,
Бет алып Бээжин элине
Беллемчи тартып белине,
Калкан жаап башына,
Камдап алып жарагын
Кан Сыргак келди кашына.

## ЭР ЧУБАК ЖӨНҮНДӨ

Бир күнү жатып эр Чубак
Уйкудан чочуп ойгонуп,
Он жагына толгонуп,
Кан Балтанын ордого
Колун алып аркага
Койкоктогон кайран эр
Козголбой басып кирди эми.
Басып кирип ошондо
Кан атасы Балтага

Кабылан Чубак сөз баштап:
«Ата, уруна турган тоо кайда
Уруша турган жоо кайда?
Мен кийүүчү тон барбы?
Мен тийүүчү жоо барбы?
Кан Балта ата ойлочу,
Эрешен тартып эр болдум,
Эр уулу менен тең болдум.



Кечээриме чок таппай,
Кездеп атаар ок таппай,
Кебимди уксан, ой ата
Кейиште болуп турамын.
Тоодогу жылкың тогуз сан
Ай, атаке Акбалта,
Казатка минээр бууданды
Карап таппай турбаймын,
Арстан төрө Манаска
Акыры жетпей тынбаймын», –
Деп ошентип эр Чубак
Бүчүлүгү бир тогуз,
Булк этип ок тийгисиз.
Топчулугу бир тогуз
Топ этип ок тешкисиз.
Ок өтпөсту кийди эми,
Бура тартып дыр коюп,
Алайдагы нойгутка
Чубак атка конду эми.
Аалам журтту буй кылган
Чунак атка конду эми.



# II. АЙКӨЛҮН АЛГАН АСЫЛ ЖАРЛАР

## 1. Шооруктун кызы Акылай

Шоорук кан айтат минетип:
Кымбат Манас шерине
Ылайыктуу кызым бар.
Сүлөөсүндөй чоюлган,
Аты Акылай коюлган.
Шоодураган капырай,
Жибекти көр, чачын көр,
Алманы көр, башын көр,
Тийбеген журтка кылайып
Өзүмдүн кызым Акылай
Манасына ылайык.
Эркек үчөө, кызы экөө
Акылай улуу кыз экен,
Ургаачынын сарасы,
Он алты жарым жашы бар,
Оролгон кара чачы бар.
Саат салган топчудай
Келишкен кара кашы бар.
Инжи тиштүү, кыйгач каш,
Тамагынан көрүнгөн
Кара мейиз, жуткан аш,
Колу күмүш зымындай,
Бели канжар кымындай.
Сонундугу этинин,
Зооттон чыккан чыныдай.
Карагаттай көзү бар.
Кашы кара кыйылган,
Канга ылайык бу бир жан,
Кара көзү коюлган,
Көргөндүн көзү тоюнган.
Ар мүнөзү бир башка
Ак тасмадай чоюлган.

Тиши майман күрүчтөй.
Өншоо шагы сыпаты
Зымга тарткан күмүштөй.
Ачык кабак, жатык сөз
Кобуш мурун, марал көз,
Алма моюн, түймө баш
Кепичинин такасы
Жаркыраган жакут таш!

## 2. Атемир кызы Каныкей

Бай Жакып көзүн салыптыр:
Арууке менен Каныкей
Кокок деген жемишке
Кол узатып калыптыр.
Узаткан колу жетпеди
Ушулар узап кетпеди.
Кыздарынын баарысы
Чылк жибекке чырмалып,
Жыгылчуудай ыргалып,
Алтындалган жыгасы
Он чекеде кырданып,
Санирабига кыз экен,
Сап сулуунун езү экен.
Жыла сүйлөп шыңк этип,
Акыл толгон кез экен.
Он алты жарым жашы бар,
Олондой кара чачы бар.
Сары алтындан түймөдөй
Келишкен кара кашы бар,
Боростой кийим кийинип,
Ботодой бели ийилип,
Чиедей кашы чийилип.
Жазык мандай, кара көз
Жатык тилдүү, ширин сөз

Аркасы кайкы, аркар төш,
Ай чырайлуу бото көз,
Кызыл жүзү нурданган,
Кымча бели буралган.
Желке жагы тар экен,
Жетигип жашы толгончо,
Туубастык жайы бар экен.
Тууган менен тукуму
Турбастык жайы бар экен.



Аман болсо алганы,
Жаман деп киши айтпаган,
Сыйлуу болор киши экен,
Алганынан айрылса
Ыйлуу болор киши экен.
Бир булөнү он бөлүп,
Оюн терен жиберип,
Он жагынан имерип,
Кирпиктей кирди койбостон
Боюн сылап тараган,
Аяк-башын имерип
Жыртык койбой караган,
Болжолу жок боорукер
Эзилтип адам көнүлүн,
Эт боорунан жараган,
Үзүлгөнүн улаган,
Көзү чалган пенденин
Үзүрү болсо сураган,
Жетишпедим дегенге
Женин кесип бергендей
Берендик жайы бар экен.
Жеткире акыл ойлогон
Терендик жайы бар экен.
Короз моюн, колон чач
Босого мандай, боору таш,
Бекемдик жайы бар экен.
Болжогондой сөзү бар
Болор кепти бир айткан
Чечендик жайы бар экен.
Ылайыктап адамга
Ыгын салбай нааданга
Ыраазы кыла сөз айткан,
Ыгын билип ар жанга,
Бечарага карашкан

Бекемдик жайы бар экен.
Азамат бакса айныптас
Жетерлик жайы бар экен.
Кылган иши баары амал
Кызылдай бою сарамжал,
Жок дегендер табылган,
Кастарлуу жайы бар экен,
Кыз мүнөзү кылтайбай
Тастарлуу жайы бар экен.
Арбын болсо дүнүйөсү
Адамдан бийик мүнөзү,
Көп болсо көтөрүлбөгөн
Жаманды – жакшы билбеген,
Жаманды күткөн – жакшыдай,
Жиндини күткөн – бакшыдай,
Бакшыны күтөр кожодой,
Кожону күткөн башында,
Падышасы болгондой,
Жигитти күткөн эриндей
Эрге кылар кылыгы
Эми эле түшкөн келиндей!
Он асыйга тең экен,
Ойрон болсун дүнүйө ай,
Төрөт жагы кем экен?!



## III. МАНАСТЫН ЖОО ЖАРАГЫ

Азырлап атын токушуп,
Жарагын белге байланып,
Жаратканга жалынып,
Ак кубө тонду кийинип,
Саадагы бала белиндей,
Тасма тартып ийилип,
Алыскы жуук айныбас.
Ыраакты жакын, ылгабас
Ортосу болот, оозу албарс,
Түтүнү туман, түбү Ыспан,
Кароолу дажаал, огу ажал,
Асынып жүрсө Аккелте
Ашыкпаса койчагыр,
Ачууланса замбирек.
Аккелте мылтык асынып,
Шай колдогон бадирек,
Камыш кыйып каптаган,
Тарамышка чаптаган.
Темирин сегиз кырдаган,
Он эки түрлөп сырдаган,
Бөрү тил мизин чыгарган,
Учун ууга сугарган,
Шамалга тийсе ырдаган,
Тийген жери ырбаган,
Чагарак алтын тактырган,
Душман жакка бактырган.
Салды найза карыга
Санжыргалуу султанын,
Бүгүн минип каарына,
Түн ичинде суурса,
Өрт өндөнүп кызарган,
Уруштуу күндө узарган,
Заарын тарткан мунардан,
Учун кайкы чыгарган,

Тоого чапса таш кескен,
Шилтегени мурт кеткен, –
Алды колго кылычын,
Андап көр жоого кылышын,
Таш көмүргө таптаган,
Как ыргайга саптаган,
Көөкөрчө кылып ийдирген,
Кыл кыял чаап чийдирген,
Чагарак алтын сомдогон,
Чапкан жоосу онбогон.
Эшик эндүү айбалта,
Кыстарып алып белине,
Кыргын салып келүүгө,
Шоорук кандын элине,
Коргошун чоюн куйдурган,
Сабын темир бурдурган,
Башын болот каптаган,
Сабын темир саптаган,
Бери болсо күрсүсү
Беш жүз батман салмагы.
Барбардигер колдо деп,
Беленденип алганы,
Ээринин кашына
Кыпчып алып чатына,
Мунун баарын көтөргөн,
Айранмын минген атына.



# IV. ТУЛПАРЛАР СЫНЫ

## Аккуланын баяны

Карачанын сан жылкы,
Сан жылкынын ичинде
Танга жуук туунтур, –
Кайыптан келген куу байтал,
Куу байтал жайы бөлөктүр.
Чарайнасы ката элек.
Тууганда жерге жатпаптыр.
Энесинин үстүнөн,
Карап турса Карача,
Так мин катар аттаптыр.
Атка сынчы көзү ачык
Билгичтин баары сынаптыр.
Ушул турган Кула тай,
Тулпарлыгы бир далай,
Жал-куйругу чок экен,
Төгөрөк туяк жылкыда
Кыл куйруктуу тулпарда,
Кыйыны мындай жок экен.
Алты ай минип жол жүрсө
Арыбас сыны бар экен.
Алтымыш асый болгуча,
Карыбас сыны бар экен.
Чу! – десе жанга жеткирбес,
Куюндук сыны көрүнөт,
Көкүрөк жоон, кийни ичке
Кыйындык сыны көрүнөт.
Кыл куйругун шарт түйүп,
Ушу турган Кула тай
Кыргынга минер мал экен.
Карапчыдан жабуу жаап
Казатка минер мал экен.
Айгай укса шашпаган,
Айдын карангысында

Бир изин ката баспаган.
Чуу укканда бөлүнгөн,
Тулпарлык сыны көрүнгөн.
Аман болсо Кула тай
Аркалуу тулпар ат болот.
Андып жүрүп ушуну
Сураган киши жат болот.
Кетмен туяк, кен соору,
Кенен жердин бууданы,
Керишке минер мал экен.
Жал-куйругун чубалтып,
Жүрүүчү жылкы турбайбы,
Кызыл кандуу кыргынга,
Минүүчү жылкы турбайбы.
Чанга минер жылкы экен.
Жер майышкан чоң согуш
Жер жарылып көрүнбөс,
Канга минер жылкы экен.



Койкондотуп жабуулап
Өрткө минер мал экен,
Балбандар туруп салыгып,
Баш кесилип, кан кетчү,
Четке минер мал экен.
Кызыл найза, кылычка
Кынап минер мал экен,
Айлап, жылдап согушка
Сынап минер мал экен.
Бул жаныбар Кула тай
Кыл куйруктун кымбаты
Кыйла жылкы тулпары.
Байтал бээнин кулуну
Кара жылкы дулдулу.
Туяктары көп сонун
Эт чыгарган чарадай,
Соорусу бөлөк бөлүнүп,
Эркин жаткан талаадай,
Кашка тишин карасан
Сомдоп чаап таптаган
Усталардын болоттой,
Чаткаягы кен экен
Табылгалуу колоттой,
Багып жүргүн кокустан,
Кула тай жөн мүлк эмес.
Белгилүү тулпар каранды
Пенде минер жылкы эмес.

## Айбанбоз

Ай-ааламга чалышсан,
Бек азаптуу душманга
Бет алышып барышсан,
Жер өлчөөсүн алышсан,
Жеке чыгып сайышсан,
Айкарып найза сунганда

О, ботом, астындагы боз атын
Бейбелчеги бир тутам,
Бечелдик сыны бар экен.
Согончогу бир тутам
Топорлук сыны бар экен.
Көкүл жайып, баш чайкап,
Шашкы сыны бар экен,
Бакандашып сайышса,
Качкы сыны бар экен.
Жол жорголуу кылтылдак,
Алты ай сапар жол жүрсөн,
Бул атын жүрбөйт былкылдап.
Жет-кайт минип жол тартсан,
Жетимиш күнү түн катсан,
Желбес түрү бар экен.
Ак асаба туу болсо,
Айгайланган чуу болсо,
Качкы сыны бар экен.
Кайраттуу куйрук, жал эмес,
Кармашсан капа кылбасын
Кагышка минер мал эмес.
Аманат жанга күч келип,
Андыган душман бүт келип,
Калын кол чыкса жаркылдап,
Айкырып найза сунганда,
Айгай кулак тундуруп
Бет алышып турганда,
Ээр белдей белести,
Ээн калган боз атын
Ашпай калчу мал экен.
Эсил жанга күч келсе,
Кулагы узун, өзү бош,
Бош жаралган мал экен.
Чычары тар чочконун,
Жамандык түрү бар экен.
Алыска сапар жол жүрсө,

Аптыгып баспай калуучу,
Чабалдык түрү бар экен.
Жол жорголуу былкылдак,
Жолу болсун кызыкпа,
Жолуккан жоого барганда
Колтук-башы былкылдап,
Болбой калчу мал экен.
Армандуу кылып адамды
Кордой калчу мал экен.

## Мааникер

Үлкөн тулпар Мааникер
Өнөрүн акыр барып көр,
Кара байыр казанат,
Калбыр өпкө, жез канат,
Камыш кулак, жез билек,
Коё берсен тушубас.
Мээ кайнаган ысыкта
Кырк күнү чапса кыйналбас.
Кырылышкан кызыкта,
Чөл-биябан жазыкка
Кырк күн чапса кыйналбас.
Ошондой чөлдө жүрсө да,
Оозуна ууртап суу албас,
Сүрөтү жылкы зымпыйган,
Териси кошо жыйылып
Капталга катып заңкыйган.
Канчалык күнү чапса да,
Кардыкпай турган адаты,
Он жагында кырк чалгын,
Туу кара кыл канаты,
Бир жумадан бир жума
Жүгүргөндө жупжуда
Анан кийин кызыган
Мааникердин адаты.

Энеси аркар жел кайып,
Атасы тулпар чөл кайып.
Сексен күнү чуркаса
Серпиндиси, данканы
Сегиз таш жерге бураса
Күчөй турган мал эле.
Айлансаң дүйнө жүзүнө
Арыктабас жан эле.
Артык өнөр бар эле.
Алтымыш күндүк дайрадан,
Аттап өтөр жан эле.
Токсон күндүк тоолордон,
Эчки жүрбөс зоолордон
Басып өтөр мал эле.
Бар өнөр мында бар эле.
Кастык кылса кай душман,
Карматпасаң кокустан,
Алдоого кирип акыры
Алдырбасаң окустан, –
Кечип чапса сок өтпөс
Кездеп атса ок өтпөс,
Жазайыл менен топ жетпес,
Жанаша атса ок жетпес.
Мааникер буудан минициз,
Байкап сөзүм билиңиз,
Кыбыланы бет алып,
Кылчайбай жолго кириңиз.

## V. ТУЛПАРЛАРДЫН ЖАРЫШЫ

Учкан куштай сай тулпар
Урунуп жолго салыптыр,
Оозун жайып балдары
Онго, солго камчы салганы.
Шашкеде коё берген ат,
Улаан учу Кара-Кум

Кечинде келип калганы
Аккан Иле суусу бар,
Ары жагы Капал тоосу бар.
Аттын баары кыдырып,
Кен Иленин суусунда
Улуу өзөн жолго салыптыр,
Чабдарга жакын келгенде
Өргө тарта бергенде
Өркөчү бийик Аккула,
Өзү айбандан зор Кула,
Омурткасы он Кула,
Ойротто жок чон Кула,
Кабыргасы как Кула
Каса тулпар Аккула
Кара тер басып камыгып,
Кара бою нымыгып,
Сөөгүнөн суу чыгып,
Таноосунан буу чыгып,
Өпкөдөгү канаты,



Өсүп жаны жазылып,
Туяк тийген жерлери
Жер очоктой казылып,
Кара болот суулугу,
Жерди көздөй басылып.
Желмаяндай чоң Кула
Желдей учуп бүгүлүп,
Караанын көргөн кара журт,
Баш байгеден түңүлүп,
Жети аттын арка жагында
Жетпей келген АККУЛА
Жебе огундай кыркырап,
Үстүндөгү баланын
Жени чолок, сур күрмө.
Үзүлүп калчу немедей,
Делбиреп этек дыркырап,
Данкандын аткан таштары,
Төө мылтыктын огундай,
Төбөсүндө чыркырап.
Асты жакты карасаң,
Жолойдун аты АЧБУУДАН,
Жолго түшүп алыптыр,
Кой тулпардан көп аттын
Астына чыгып калыптыр.
Жети жандуу ЧАЛКУЙРУК,
Жел учкандай бурулуп,
Алты жандан айрылган,
Арман кылып кайгырган,
Калбас эле аянып,
Жай кеткен бу күндө
Жалгыз жанга таянып,
Ачбуудандан өтөм деп,
Ашка чукул жетем деп,
Көй күлүктөн чыксам деп,
Көкөтай туусун жыксам деп,

Чалкуйрук чуркап алыптыр,
Жолойдун аты Ачбуудан
Чаң илээшпей калыптыр.
Аркасына карасаң
Кошойдун аты ЧОҢСАРЫ
Ач маралдай бүгүлүп,
Ач күсөндөй түгүлүп,
Көкүлү көккө шүйүлүп,
Үстүндөгү баланын
Күрмөнүн чаны күбүлүп,
Арыштап чуркап алыптыр,
Буданчандын САЛКАРА АТ
Бу да келип калыптыр.
Мунун арка жагында
Музбурчактын ТЕЛКҮРӨН
Удаа келип калыптыр.
Аркасынан арыштап,
Аманат жанды карыштап,
Семиз чаап салыптыр.
Керкөкүлдүн КЕРКАШКА,
Келбети малдан бир башка,
Чаткаягы чаткалдай,
Жүгүргөндө чатына
Жүктүү төө баткандай,
Аркасына караса
Карачтын аты ЖАРКЫЗЫЛ,
Анын арка жагынан
Алоокенин НАРКЫЗЫЛ
Көкчөнүн аты КӨКАЛА
Көзүн жаштап үстүндө
Чаап жүргөн шум бала,
Саяпкерсинип алыптыр,
Көкөтайдын ашы үчүн
Көбүрөөк байлап салыптыр.
Этинен оогон кези бар,

Атты чапкан бу бала
Арбынырак эси бар.
Өткөрө байлап салдым деп,
Көкчөнүн тилин алам деп,
Убалына калдым деп,
Катарында калбастан
Калкамандын КАЗГАРА,
Анын арка жагынан
Султакандын ТАЗГАРА,
Чегиштин аты САРАЛА,
Агыштын аты КАРАЛА,
Көчпөстүн аты ЧАБДАРЫ,
Көт жагынан чукулдап,
Бакайдын аты барганы.
Үмөттүн аты ЖАРКЫЗЫЛ,
Аркасынан калбастан,
Башы кытай журту экен,
Бакчабийдин БАРКЫЗЫЛ,
Багыштын аты СУРКИЙИК,
Шыгайдын аты АКМОЮН,
Бай Көкөтай ашында
Кылымга болгон чоң оюн.


## МАНАС МЕНЕН КОНУРБАЙДЫН САЙЫШЫ

Асабасы желбиреп,
Найзанын учу мелтиреп,
Бөлөк жерин ташташып
Оң көз менен сол көздүн
Ойрон кылып жутмакка
Көрөр көзүн жанчташып,
Мелтирете тигилип,
Тулпардан тизе бүгүлүп,
Өлбөй бири калбас деп,

Көргөндүн баары түнүлүп,
Шилтөөгө найза жетиптир,
Көздөрүн өлчөп нетиптир,
Туулганын катебин[1],
Катепке найза чак тийип,
Жаактарын жанып өтүптүр.
Жаалданып эр Конур
Мусулман жакка кетиптир,
Жаалданып кан Манас
Капырга жакын жетиптир,
Бура тартты бу жерден,
Буластаган төрөндүн
Жалынганы Шаймерден.
Түгү чыгып бетинен,
Мусулмандын четинен,
Бура тартып эр Конур
Буластаган онбогур,
Кара атка камчы салганы,
Кайра тартып канкорго
Качырып бу да калганы,
Кайраттансын төрө деп
Капырлар айгай салганы,
Чанды артынан буратып,
Жармандай атты чуратып,
Мелтиретип найзаны,
Намыс үчүн чирешип,
Акыры эске келбеген,
Аманат кара бир жаны.
Канкор шондо ойлонуп:
Калмак ээр кашы деп,
Как жүрөктүн башы деп,
Алтын кемер чети деп,
Айбалка төштүн бети деп,

[1]Катеп – тоголок шарча түрүндөгү коздук.

Өлчөдү Манас акыры.
А да кыйын баатыр кул
Эр Конурбай капыры:
Артын ээр кашы деп,
Нак жүрөктүн башы деп,
Ажалдын жетээр тушу деп,
Найзадан өлөр ушу деп,
Качырып каршы жетишти,
Аянбай коюн кетишти.
Найза менен бир-бирин
Шилтеди найза очоюп,
Астында минген аттары
Олтурган иттей чочоюп,
Ат жалынан алышты,
Күч менен күрсү салышты,
Күркүрөшүп эки дөө
Аман-эсен калышты.
Болотко болот чабылып,
Болгон жалын ширенди.
Оно бойго жабылып,



Көргөндүн көөнү жаңылып,
Кыябына иш келип,
Бири-бирине умтулуп,
Бир канча кылыч чабылып,
Кызыл жалын өрт болуп
Кыйла жерге жагылып,
Айбалта колго алышып,
Орой төбө тушу деп,
Оюлар бекен ушу деп,
Жаалданып жетишти
Оройто тартып кетишти.
Туулгасы көтөрүп
Болотко болот тийгенде
Тутанып жалын өрттөнүп,
Турган журт карап көз көрүп,
Алышууга жеткени,
Андай жумуш эмес деп
Аламан уруш эмес деп,
Абасы Бакай, Эр Төштүк
Арстан Манас баатырды
Коштоп чыкты акыры
Жакындан жайын көргөндөр
Калбады башта акылы
Өлчөөнө келишти,
Найза менен сайыш деп
Жана коё беришти.
Кыр мурундуу, кызыл көз,
Кылымга маалым ушу сөз,
Кыйкырыгы баш жарып,
Кытайлардын чон Конур
Каарданып бу дагы
Кайра тартты оңбогур.
Кара төбөл жармандай,
Кара сыны тайгандай,
Туякты жерге мылтыгып,
Тумарын көккө ыргытып,

Артынан тозон бургутуп
Арстан Манас бу дагы
Атына камчы урганы,
Мелтиретип найзаны,
Бет алып Манас калганы,
Бериургандай Конурбай
Алтын ээр кашына,
Как жүрөктүн башына
Конурбай найза салганы.
Ээрден көтү кылтайып,
Үзөнгүдөн бут тайып,
Эр Манас аран токтолуп
Энгиреген Жармандай
Өтө түшүп октолуп,
Онолуп баатыр алганы,
Кыйгач өтө бергенде
Кыл чач айдар ачылып,
Кулактан чачы чачылып,
Тулганын чети деп,
Туура чыкчыт бети деп,
Чылык темирден бөлүнүп,
Кулактын ары жагында
Чыкчыты калды көрүнүп,
Жакасынан сооттун
Артылта түшүп алганы,
Тулганын этек жагынан
Туйгунун найза салганы,
Чыкчытка найза мылгыды,
Чыйрыккансып Конурбай
Алгара аттан ыргыды.
Конурбай калды жыгылып,
Тозонго башы тыгылып,
Чыкыйга найза сайылып,
Көк күбө тондун этеги
Көпөлөктүн канаттай
Көп жерге кетип жайылып

Конурбай жерге сойлоду,
Колдон Кара ат ойноду.
Көөдөктүк Кылып көк жал эр
Конурбайдын Алгара ат
Коштоп алып койбоду.
Жыкканына кубанып,
Азырет деп чуу салып,
Ногой кандап күркүрөп,
Айгай салып дүркүрөп,
Ураан тартып алышып,
Элемандын Төштүгү
Эштектерден Жамгырчы
Жандап алып баатырды
Уйгу-туйгу салышып.

## МАНАС МЕНЕН НЕСКАРАНЫН УРУШУ

Алты жүздөн кол менен,
Алмалуу кыя жол менен,
Атым Манас билбесен
Алтайлыктын түркүнөн
Алдырып ийчү ким дейсин.
Аны айтып акырын
Аскерин кайра жапырып
Жазайылды жаткырып
Күлдүр мамай мылтыкты
Күркүрөтө аттырып,
Күлдү колун жапырып
Күлдөн бетер сапырып,
Нескаранын аскерин
Эрдемсинген көп элин
Жолун буул алыптыр,
Жоболонду салыптыр.
Өтөрүнө жолу жок,
Ары жактан караса

Өмөлүп келген колу жок.
Алты миң төрт жүз колу бар
Алардын арбын жолу бар.
Арстан Манас алыптыр
Нескаранын бу кезде
Жолун тосуп алыптыр,
Айкырыкты салыптыр.
Катыгын колго берем деп,
Урушпай кантип кетем деп
Бала көрүп Манасты
Жекече калды чакырып.
Чабдарга камчы салганы,
Чабуул коюп калганы.
Атандын көрү капыр деп
Акыр заман башына
Түшүрөйүн акыр деп,
Аккула камчы салганы.
Нескараны бет алып



Арстан Манас барганы,
Качырганда Манаска
Уялбас ултан бетиби
Эси чыкпас жанагы
Нескара кулдун көтүбү
Түрүн көрүп Манастын
Нескара качып калыптыр.
Качып жүрүп ошондо
Мунун айтып калыптыр.
Кабылан жолго жатарбы
Катыларга катылбай
Кадемим мындай катарбы.
Жолборс жолго жатарбы,
Жолугарга жолукпай,
Жолум мындай катарбы.
Чабдар атты камчылап,
Эсен болгун калкым деп
Чындап качып калыптыр.

## МАНАСТЫН АТКАН ЧҮКӨСҮ

Бул кандай кыйын бала деп
Ушул жерде Манасты
Урабыз деп чан салды.
Буту сынып төө калды.
Бу жолдошум жөө калды.
Карма-карма, карма деп
Как ушуну байла деп,
Тагалап кытай калганы.
Кармамакка Манасты,
Жабыла алтоо барганы,
Карсылдашып калганы,
А дегенде эр Манас
Кыйынсынган кытайдын
Башчысын кармап алганы.

Көтөрүп жерге бир уруп
Башын жулуп алганы.
Кызыл өңгөч кыйылып
Кекиртеги жыйылып,
Башчысы мунун өлгөн сон
Баары коркту сумсайып.
Ошондо Манас кеп айтат:
Кырк беш төө жүк экен
Олжо кылам баарын деп
Атам Жакып, Манасмын
Ары тарт десе болбостон,
Акылындан адаштым.
Төөмүн буту сынды деп,
Бу дөгүрсүгөн кандай кеп
Кытай менен калмакка
Бу өлүшү жакшы эп,
Ойрон болгон буларды
Шыйрактан байлап алынар,
Жылгага сүйрөп салыңар.
Колунан байлап алынар
Коктуга сүйрөп салыңар.
Кыпындай неме койбостон
Кийимин тоноп алынар.
Манас болот мырзам деп
Баары кабыл алганы.

## УРААН ЧАКЫРУУ

Урушсак муну аларбыз,
Ураанды ким деп салабыз.
Көпчүлүк сурап калганы,
Көргүн Манас баланы.
Көк найза колго алганы,
Астындагы суур кунан
Атына камчы салганы.

Башка сөзгө карабай,
«Манастап» ураан салганы.
«Манас», «Манас», «Манас» – деп
Ошол жерден баатырын
Чабуул коюп калганы.
Баары бирдей бакырып,
Кылкандай найза жапырып,
Башка сөз келбей оозуна
«Манастап» ураан чакырып,
Ак асаба кызыл туу
Айгайлаган ызы-чуу,
Көк асаба кызыл туу
Көк жаңырган улуу чуу.
Мылтыктарын сундуруп,
Айгай кулак тундуруп,
Желегин жерге жапырып,
Тозонду тоодой сапырып,
Домадил шорун катырып,
Кыйкырып кирип калганы.
Кыргынды кыйла салганы
Айбатына тура албай,
Ат соорусун салганы.
Ошо кезде карасаң,
Жер жайнаган көп калмак.
Аземилге бет алып,
Ат коюп качып калганы.



# Мазмуну

## ЖОМОКТОР

Бак, дөөлөт жана амандык ....... 3
Эненин акылы ....... 6
Атанын осуяты ....... 10
Дарттын айыгышы ....... 13
Атасы калтырган мурас ....... 18
Акылдуу жигит ....... 21
Атасы ыраазы болгон бала ....... 28
Макал-лакаптар ....... 30
Жанылмачтар ....... 33
Табышмактар ....... 36

## ЭСЕП ОЮНДАРЫ

Төрт түлүктөн канчоо? ....... 39
Малды айырбаштоо ....... 39
Чүкөнүн саны ....... 40
Айлакер хан ....... 41

## «МАНАСТАН» ҮЗҮНДҮЛӨР

I. Баатырлар турпаты ....... 43
Айкөл Манас ....... 43
Алмамбет баатыр ....... 45
Акылман Бакай ....... 48
Баатыр Кошой ....... 50
Эр Сыргак жөнүндө ....... 52
Эр Чубак жөнүндө ....... 54
II. Айкөлүн алган асыл жарлар ....... 57
1. Шоруктун кызы Акылай ....... 57
2. Атемир кызы Каныкей ....... 58
III. Манастын жоо жарагы ....... 62
IV. Тулпарлар сыны ....... 64
Аккуланын баяны ....... 64
Айбанбоз ....... 66
Мааникер ....... 68
V. Тулпарлардын жарышы ....... 69
Манас менен Конурбайдын сайышы ....... 73
Манас менен Нескаранын урушу ....... 78
Манастын аткан чүкөсү ....... 80
Ураан чакыруу ....... 81

*Көркөм-адабий басылма*

Жуманалиев Асанкан

# АТАДАН КАЛГАН МУРАС

*Жомоктор, макал-лакаптар, жаңылмачтар, табышмактар, эсеп оюндары, «Манастан» үзүндүлөр*

Тестнер балдар үчүн

*(Кыргыз тилинде)*


Редактору *Жакин Теңирбергенова*
Корректору *Рапия Сакелова*
Сүрөттөрүн тарткан *Нурланбек Жороев*
Мукабасын иштеп чыккан *Рысбек Исаков*
Тех. редактору *Жумагүл Сооронкулова*
Компьютердик калыпка салган *Нургазы Жуманалиев*

Басууга 05.10.2007-ж. кол коюлду.
Форматы $60x84^1/_{16}$. Офсеттик кагаз, офсеттик басуу.
Көлөмү 5,25 б.т. Заказ 134.
Нускасы 1000 даана.

«Бийиктик» басмасы
Бишкек ш., Киев көчөсү, 77.
Тел.: 66-75-56, 66-75-58



**Жуманалиев Асанкан** 1947-жылы Талас облусунун Манас районундагы Арал айылында туулган. 12 жашынан баштап манасчы катары белгилүү.

1972-жылы КМУнун филология факультетин ийгиликтүү аяктагандан баштап мугалимдик, окутуучулук кесипти аркалап келет. Көптөгөн жаш манасчыларды даярдоодо да эмгеги зор.

Манас айтуучулук боюнча республикалык жана эл аралык конкурстардын жеңүүчүсү.

1995-жылы өзүнүн вариантында «Алманбеттин окуясы» китеби жарык көргөн. Казак жазуучусу И.Есенберилиндин «Алтын Ордо» китебин кыргызчага которгон.

Кыргыз Республикасынын эмгек сиңирген артисти, Кыргызстан Жазуучулар союзунун мүчөсү.